КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК ИНСТИТУТУ

# ЖАРАНДЫК УКУКТУН ЖАЛПЫ БӨЛҮМҮ

## КУРСУ БОЮНЧА

## Окуу – усулдук колдонмо

**ОШ - 2022**

**МАЗМУНУ**

**1 - Бөлүм. Жарандык укук укуктун тармагы катары ................................ 8**

**1. Жарандык укук укуктун тармагы катары: түшүнүгү, предмети, ыкмасы ................................................................................................ 8**

**2. Жарандык укуктун прициптери функциялары жана системасы ......... 9**

**3. Жарандык укук укуктук тармактардын тутумунда ............................ 11**

**4. Жарандык укук илим жана окуу курсу катары .................................... 12**

**5. Жарандык укуктун булактары ............................................................. 13**

**2 - Бөлүм. Жарандык укук мамилелери..................................................... 15**

**Глава 1. Жалпы жоболор ............................................................................ 15**

**6. Жарандык укуктук мамилелеринин түшүнүгү, структурасы, өзгөчөлүктөрү.............................................................................................. 15**

**7. Жарандык укуктук мамиленин түрлөрү ................................................ 16**

**Глава 2. Жарандык укуктун субьекттери.................................................. 18**

**8. Жарандар (физикалык жактар) жарандык укуктун субъекти катары. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү жана аракет жөндөмдүүлүгү................ 18**

**9. Камкордук жана көзөмөлдүк. Патронаж ............................................... 21**

**10. Турак жай ................................................................................................ 22**

**11. Жаранды дайынсыз жоголду деп табуу. Жаранды өлдү деп табуу ... 23**

**12. Жарандык абалдын актылары ............................................................. 24**

**13. Юридикалык жактын түшүнүгү, аны түзүүнүн максаты жана таанылышы ............................................................................................... 25**

**14. Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгү ........................................ 26**

**15. Юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттары .............. 27**

**16. Юридикалык жактардын пайда болушу жана кыскарышы ............ 29**

**17. Юридикалык жактарды классификациялоо ....................................... 30**

**18. Чарбалык шериктештиктер жана коомдор .......................................... 32**

**19. Коммерциялык эмес уюмдар ................................................................ 35**

**20. Мамлекеттин жана муниципалдык мекемелердин жарандык-укуктук мамилелерге катышуусу ........................................................................ 36**

**Глава – 3. Жарандык укуктун объектилери ............................................ 37**

**21. Жарандык укуктун объектилеринин түшүнүгү жана түрлөрү .......... 37**

**22. Буюмдар жарандык укуктун объектиси катары ................................ 38**

**23. Баалуу кагаздардын түшүнүгү, ажыратуучу белгилери жана классификациясы ...................................................................................... 39**

**24. Баалуу кагаздардын айрым түрлөрү .................................................. 41**

**25. Жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр жарандык укуктун объектиси катары. Коммерциялык же кызматтык сыр.............................................. 43**

**Глава – 4. Жарандык укуктук мамилелердин келип чыгуу, өзгөртүү жана токтотуу негиздери. Бүтүмдөр .................................................... 44**

**26. Жарандык укукта юридикалык фактылар ........................................ 44**

**27. Юридикалык фактыларды классификациялоо ................................ 44**

**28. Юридикалык курамдар ........................................................................ 45**

**29. Бүтүмдөрдүн түшүнүгү жана негизги белгилери ............................... 46**

**30. Бүтүмдөрдүн түрлөрү .......................................................................... 46**

**31. Бүтүмдүн жарамдуулук шарттары ..................................................... 47**

**32. Жараксыз (эч нерсеге татыбаган жана талаш) бүтүмдөр ................. 48**

**33. Бүтүмдөрдүн жараксыздыгынын негиздери жана укуктук натыйжалары ............................................................................................ 49**

**3 – Бөлүм. Жарандык укуктарды ишке ашыруу жана коргоо ............. 51**

**34. Жарандык укукту ишке ашыруунун жана жарандык милдеттерди аткаруунун түшүнүгү, принциптери жана чектери ................................ 51**

**35. Өкүлчүлүктүн түшүнүгү жана түрлөрү ............................................. 53**

**36. Ишеним кат ............................................................................................ 54**

**37. Коргоого болгон укуктун түшүнүгү жана мазмуну .......................... 56**

**38. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин түшүнүгү, өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү................................................................................................ 59**

**39. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин шарттары жана өлчөмү .... 61**

**40. Жарандык укукта мөөнөттөрдүн түшүнүгү жана түрлөрү. Мөөнөттөрдүн эсептелиши.......................................................................... 64**

**41. Жарандык укуктарды жана жарандык милдеттерди аткаруу мөөнөттөрү ............................................................................................ 65**

**42. Доонун эскирүүсүнүн түшүнүгү жана мааниси, анын өтүшү ........... 66**

**43. Доонун эскирүү мөөнөүнүн өтүшүн токтото туруу, доонун эскирүү мөөнөтүндөгү үзгүлтүк, доонун эскирген мөөнөтүн калыбына келтирүү. Доонун эскириши жайылбаган талаптар.................................................. 67**

**4 – Бөлүм. Мүлктүк укук. Глава 1. Менчик укугу .................................. 68**

**44. Менчик жана менчик укугу .............................................................. 68**

**45. Менчик укугунун пайда болуусу жана токтотулушу ......................... 70**

**46. Жарандардын менчик укугу .............................................................. 72**

**47. Мурас укугунун негизги түшүнүгү ..................................................... 73**

**48. Мыйзам боюнча мурастоо .................................................................. 75**

**49. Керээз боюнча мурастоо .................................................................... 76**

**50. Мурасты кабыл алуу жана мурастан баш тартуу ............................. 77**

**51. Юридикалык жактардын менчик укугу ............................................. 78**

**52. Айрым юридикалык жактардын менчик укугу ................................. 79**

**53. Мамлекеттик жана муниципалдык менчик укугу ............................ 81**

**54. Жалпы менчик укугунун түшүнүгү жана түрлөрү ............................ 82**

**55. Жалпы үлүштүк менчик ...................................................................... 83**

**56. Жалпы биргелешкен менчик .............................................................. 84**

**Глава 2. Чектелген мүлктүк укуктар ...................................................... 85**

**57. Чектелген мүлктүк укуктар. Жалпы жоболор .................................. 85**

**58. Чарба жүргүзүү укугу. Оперативдүү башкаруу укугу ....................... 86**

**Глава 3. Менчик укугун жана чектелген буюм укуктарын коргоо ....... 87**

**59. Менчик укугун коргоонун жарандык - укуктук ыкмаларынын түшүнүгү жана тутуму ............................................................................ 88**

**60. Менчик укугун коргоонун мүлктүк-укуктук ыкмалары .................. 89**

**61. Мамлекеттик жана муниципалдык органдарга карата доолор ........ 90**

**62. Чектелген буюм укуктарын жарандык-укуктук коргоо ..................... 91**

**Бөлүм - 5. Өзгөчө укуктар . Глава 1. Автордук укук ............................... 91**

**63. Автордук укуктун түшүнүгү жана принциптери .................................. 91**

**64. Автордук укуктун негизги категориялары............................................. 92**

**65. Авторлордун укуктары жана аларды коргоо ........................................ 93**

**Глава 2. Патенттик укук ...................................................................................... 94**

**66. Патенттик укук түшүнүгү ................................................................................ 94**

**67. Патенттик укуктун объектилери жана субъекттери ............................ 95**

**68. Ойлоп табууга, пайдалуу моделге, өнөр жай үлгүсүнө укуктарды тариздөө ..................................................................................................... 96**

**69. Автордун жана патент ээсинин укуктары. Бул укуктарды коргоо .. 98**

**Глава 3. Товардык белгиге, тейлөө белгисине жана товар чыгарылган жердин аталышына болгон укук ................................................................ 96**

**70. Товардык белги ................................................................................................... 96**

**Бөлүм 6. Жеке мүлктүк эмес мамилелерди жарандык-укуктук жөнгө салуу ........................................................................................................... 101**

**71. Жеке мүлктүк эмес укуктардын өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү ....... 101**

**72. Жеке мүлктүк эмес укуктарды жүзөгө ашыруу жана коргоо .......... 101**

**73. Ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин коргоо укугу.**

**Бөлүм.7 Милдеттенме укугунун жалпы бөлүмү. Глава 1. Милдеттенмелер жана милдеттенме укугу ................................................ 102**

**74. Милдеттенме укугу жана милдеттенме түшүнүгү ............................. 102**

**75. Милдеттенмелердин түрлөрү ................................................................. 104**

**76. Милдеттенмелердин келип чыгышынын негиздери ......................... 105**

**77. Милдеттенменин субъекттери. Милдеттенмедеги адамдардын көптүгү ...................................................................................................... 106**

**78. Милдеттенмедеги адамдардын өзгөрүшү ........................................... 107**

**79. Регресстик милдеттенмелер ..................................................................... 108**

**Глава 2. Келишим жөнүндө жалпы жоболор ........................................... 109**
**80. Келишимдин түшүнүгү, мааниси жана мазмуну ............................... 109**
**81. Келишимдердин классификациясы ..................................................... 111**
**82. Келишим түзүү ........................................................................................ 112**
**83. Келишимди өзгөртүү жана бузуу негиздери ....................................... 114**
**Глава 3. Милдеттенмелерди аткаруу ......................................................... 115**
**84. Милдеттенмелерди аткаруунун түшүнүгү жана принциптери ........ 115**
**85. Милдеттенмени талаптагыдай аткаруу принциби ............................. 115**
**Глава 4. Милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуу ...............**
**86. Милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуу түшүнүгү жана тутуму.................................................................................................................. 118**
**87. Айып (айып, туум) ................................................................................... 119**
**88. Күрөө .......................................................................................................... 120**
**89. Кармап калуу ........................................................................................... 123**
**90. Кепилдик .................................................................................................. 123**
**91. Банк кепилдиги ........................................................................................ 124**
**92. Насыя ......................................................................................................... 125**
**Глава 5. Милдеттенмелерди токтотуу ....................................................... 126**
**93. Милдеттенмелерди токтотуунун түшүнүгү жана түрлөрү ............... 126**
**94. Тараптардын каалоосу боюнча милдеттенмелерди токтотуу .......... 127**
**95. Тараптардын эркине көз каранды эмес негиздер боюнча милдеттенмелерди токтотуу ........................................................................... 128**
**Адабияттар ..................................................................................................... 130**

**УДК**

**ББК**

**Окумуштуулар кеңешинин отурумунда жактырылды жана бекитилди,**

**Түзгөндөр: юрид.илим.канд., доц.м.а. Кармышаков М.А.**

**окутуучу. Токтакун к.Г.**

**Рецензент:**

“Жарандык укуктун жалпы бөлүмү” курсу боюнча окуу – усулдук колдонмо/ М.А.Кармышаков, Токтакун к.Г. – Ош: 2022. 130 б.

**ISBN**

**Бул окуу – усулдук колдонмо юридикалык окуу жайларынын студенттеринин лекция конспекттеринин негизинде түзүлдү.**

**Материал “Жарандык укук” (жалпы бөлүм) курсу боюнча окуу программасына ылайык келтирилип түзүлдү жана иштелип чыкты.**

**Ушул китепти колдонуу аркылуу студенттер бул дисциплина боюнча кыска убакыт ичинде окуу процессинде алган билимин тутумдаштырууга жана тагыраак аныктоого; көңүлүн негизги түшүнүктөргө, алардын белгилерине жана өзгөчөлүктөрүнө бурууга; мүмкүн болгон экзамендин суроолоруна жооптордун болжолдуу структурасын (планын) түзүүгө жардам берет.**

**Ушул китеп фундаменталдуу билим алуу үчүн китептерге альтернатива болбойт, бирок экзамендерди ийгиликтүү тапшырууга өбөлгө түзөт.**

## Бөлүм 1. Жарандык укук укуктун тармагы катары

### 1. Жарандык укук укуктун тармагы катары: түшүнүгү, предмети, ыкмасы.

*1. Жарандык укуктун түшүнүгү*
*2. Жарандык укуктун предмети*
*3. Жарандык укуктун ыкмасы*

**1. Жараньк укук укуктун тармагы катары** - бул мүлктүк, ошондой эле ага байланышкан жана кээ-бир ага байланышпаган мүлктүк эмес мамилелерди жөнгө салган укуктук нормалардын тутуму. Ал тараптардын көз карандысыздыгына, мүлктүк өз-алдынчалуулукка, юридикалык теңдикке негизделип, жеке муктаждыкты жана кызыкчылыкарды канааттандырууну, ошондой эле коомдогу экономикалык мамилелердин өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүү максатын көздөйт.

**2. Жарандык укуктун предмети** – бул жарандык укук жөнгө салган коомдук мамилелер. Алар төмөндөгүдөй бөлүнүшөт:

А) мүлктүк мамилелер, б.а. адамдардын ортосундагы материалдык баалуулуктар тууралуу мамилелер, төмөндөгүлөрдү камтыйт:

*Материалдык баалуулуктардын белгилүү жакка таандык экендигин таануу жөнүндө мамилелер (менчик укугу, чектелүү буюм укугу).

*материалдык баалуулуктардын бир жактан экинчи жакка өтүүсүнө байланыштуу мамилелер.

"Мүлк" термини жарандык укукта үч мааниге ээ:

- буюмдардын жыйындысы
- буюмдардын жыйындысы гана эмес, мүлктү талап кылуу укугу да (мисалы, банктан акча салымын)
- буюмдардын, буюм укуктарынын жана милдеттеринин жыйындысы.

Б) жеке мүлктүк эмес мамилелер – экономикалык мазмуну жок, материалдык эмес баалуулуктарга байланыштуу мамилелер:

* мүлккө байланыштуу жеке мүлктүк эмес мамилелер (мисалы, илимий, адабий жана искусство чыгармаларына автордук укукка байланыштуу пайда болгон). Мындай учурда мүлктүк мамилелер, мүлктүк эмес мамилелерден келип чыгат (мисалы, автордун акы алуу укугу);

* мүлккө байланышпаган жеке мүлктүк эмес мамилелер (мисалы, кадыр-баркты, абройду жана ишкердик беделди коргоо).

**3. Жарандык укуктун усулу**

Укуктук жөнгө салуу усулу – бул укуктун, коомдук мамилелерге таасир этүүнүн ыкмалары, каражаттары жана жолдорунун жыйындысы. Анын негизинде коомдук мамилелер ирээттелет, жөнгө салынат, корголот.

Жарандык-укуктук усул жол коюучу болуп саналат жана төмөндөгүдөй айырмалоочу белгилерге ээ:

1. тараптардын юридикалык барабардыгы, башкача айтканда алардын укуктук абалынын теңдиги, ал бардык менчик формасынын теңдигин таануу, өз алдынча чарбалык байланыштарды түзүү, бирдей жарандык-укуктук жоопкерчилик тартуу менен түшүндурүлөт.

2. тараптардын эркинин өз-ыктыярдуулугу. Көпчүлүк учурда жарандык укуктар жана милдеттер эки тараптуу эрк билдирүүнүн (келишимдин) натыйжасында келип чыгат. Тараптарга өздөрүнүн алакаларын толук (же белгилүү деңгээлде) өз-алдынча жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү берилген. Адатта мыйзам мындай мамилелердин жалпы чегин аныктайт же тараптарга алардын мамилелерин жөнгө салуунун бир нече ыкмаларын тандап алуу мүмкүндүгүн берет. Жеке жашоого бөтөн тараптан кийлигишүүгө, мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет.

3. тараптардын мүлктүк өз-алдынчалуулугу. Жараандык айлануунун катышуучулары мүлктүн ээси болот жана милдетүү түрдө жооп берет

4. Жарандык укукту коргоо сот тартибинде коргоо, эгерде тараптар мыйзам чегинде өз-ара талаш-тартыш маселелерин чечише албаса анда ал административдик тартипте чечилет.

5. Жараандык укуктук жоопкерчиликтин мүлктүк мүнөздөмөсү. Мындай учурда чара көрүү объектиси жарандын өздүгү эмес мүлк болот. Жалпы эреже боюнча жарандык укуктук жоопкерчилик ордун толтуруу мүнөзгө ээ.

## 2. Жарандык укуктун прициптери функциялары жана системасы.

***1. Жарандык укуктун принциптери***
***2. Жарандык укуктун функциясы***
***3. Жарандык укуктун системасы***

1. Жарандык укуктун принциптери булар мыйзам актыларында каралган жалпыга бирдей жоболор идеялар.

Жарандык укуктун төмөндөгүдөй принциптери бар:

Катышуучулардын юридикалык барабардыгы;

Менчиктин кол тийбестиги, алардан ажыратуу мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет;

Жеке иштерге кийлигишүүгө жол берилбестиги;

Келишимдин эркиндиги: келишим боюнча жак өнөктөшүн өз алдынча аныктайт, тараптар келишим түзүүдө жана анын шарттарын аныктоодо эркин;

Диспозитивдүүлүк принциби, жарандык оборотто катышууда өз укуктарын ишке ашыруу жана тобокелдикти алуу (өз алдынчалуулугу жана демилгеси);

Жарандык укуктарды ишке ашырууда жолтоосуздук, аларды калыбына келтирүү жана коргоо принциби;

**2. Жарандык укуктун функциясы:**

- жөнгө салуу функциясы, экономиканын өнүгүшүнө жана анын ыраттуу иштөөсүнө шарт түүзүүгө багытталган;
- коргоо функциясы, укук бузуулардан жарандык укукту коргоого багытталган. Жарандык укуктун коргоо функциясы ордун толтуруу (калыбына келтирүү) мүнөзгө ээ.

**3. Жарандык укуктун системасы**

Жарандык укук – бул бирдиктүү укуктук нормалардын тутуму, ал тармак астындагы тармактардан жана институттардан турат.

Жарандык укуктун ситстемасынын бөлүкчөлөрү:

*Жалпы бөлүм,* мындагы нормалар жарандык укуктун калган бөлүмдөрү үчүн бириктирүүчү башталыш кызматын аткарат (мисалы, физикалык юридикалык жактар, жарандык укуктун объектилери жөнүндө нормалар ж.б.);

*Буюм укугу,* материалдык баалуулуктарды айрым жактарга таандуулугу жөнүндө мамилелерди жөнгө салат (менчик укугу, чектелүү буюм укугу);

Милдеттенме укугу:

Келишимдерден келип чыккан милдеттенмелер;

Деликттерден келип чыккан милдеттенмелер;

Мурастоо укугу;

Өзгөчө укуктар (автордук, патенттик укук, товардык белгиге карата укук, кызмат көрсөтүү белгиси, фирмалык аталыш ж.б.);

Материалдык эмес баалуулуктар (кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо ж.б.).

**3. Жарандык укук укуктук тармактардын тутумунда**

***1. Жарандык укук жана эриш-аркак укуктар***

***2. Жарандык укук жана конституциялык укук***

***3. Жарандык укук жана административдик жана каржы укугу***

***4. Жарандык укук жана кылмыш-жаза укугу***

***5. Жарандык укук жана жарандык процесс***

***6. Жарандык укук жана башка аралаш укуктар***

1. Жарандык укук укуктун бир тармагы. Жарандык укук коомдук мамиленин бир бөлүгүн жөнгө салат жана башка укуктун тармактары менен карым-катнаш түзөт.

2. Конституциялык укук укуктук системанын негизги принциптерин, о.э. жарандык укуктун негизги башталыштарын аныктайт. Конституциялык укук менчиктин бардык формасынын кол тийбестигин, теңдигин жана ишкердиктин эркиндигин аныкайт. Жарандык укук өз нормаларында аталган жоболорду дааналайт.

3. Административдик укуктун предмети кээ-бир учурларда жарандык укуктун предметине дал келет. Бирок административдик укуктун усулу, бийлик жана баш ийүү мамилесине негизделген. Ошого карабастан административдик укуктук актылар жарандык укук жана милдеттердин пайда болуусунун негизи болот. Административдик тартипте лицензиялоо жарандык укукта чоң мааниге ээ. Ушундай эле жарандык укук жана каржы укугу тыгыз байланышат.

4. Ошондой эле кылмыш-жаза укугу мүлктүк кылмыштар үчүн жаза белгилөө менен мүлктүк мамилелерди жөнгө салат (коргойт). Кылмыш процессинде жарандык доо келтирүү аркылуу, жарандык укуктун кылмыш укугу циклиндеги тармактары менен байланышат.

5. Жарандык процесс сотто жарандык укуктук талаш-тарыштарды чечүү тартибин аныктайт, бирок анын предмети кеңирээк жана эмгектик, үй-бүлөлүк ж.б. кылмыштык эмес талаш-тартыштарды камтыйт.

6.жарандык укук жерлерди, токойлорду ж.б.у.с. объекттерди жөнгө салат, бирок жер жана экологиялык мыйзамдардагы чектөөлөрдү эске алуу менен.

6. Эмгек процессинен келип чыккан мамилелерди эмгек укугу жөнгө салат жана жарандык укук менен кесилишет мисалы, эмгек келишими менен жарандык укуктук подряд келишимин чектөөдө. Жарандык укук жана үй-бүлө укугу тыгыз байланышат, анткени жарандык укуктагы түшүнүк аппаратын пайдаланат (мисалы, укук жана аракет жөндөмдүүлүгү, келишим ж.б.у.с.). Жарандык укук үй-бүлөлүк укуктук мамилелерде субсидиардик

тартипте колдонулат. Үй-бүлөлүк мамиле мүлктүк мамилеге эмес дээрлик жеке мамилелерге басым жасайт.

**4. Жарандык укук илим жана окуу курсу катары**

***1. Жарандык укук илминин түшүнүгү***

***2. Жарандык укук илиминин предмети***

***3. Жарандык укук илиминин усулу***

***4. Жарандык укук илими жана окуу курсунун системасы***

**1.** Жарандык укук илими – бул жарандык-укуктук көрүнүштөр жөнүндө илимий пикирлер, идеялар, билимдердин тутуму, алардын өз-ара байланышы жана өнүгүшү.

**2**. Жарандык укук илими (жарандык укук илиминин предмети) төмөнкүлөрдү изилдейт:

• жарандык-укуктук нормаларды;

• жарандык укуктук мамилелерди жана жарандыык-укуктук нормаларды колдонууну;

• укуктук тармак жана илим катары жарандык укуктун тарыхын жана өнүгүү тенденциясын;

Жарандык укук илиминин пайда болуусу Байыркы Рим мезгилине туура келет. Совет доорундагы жарандык укуктун өнүгүүсү кийинки улуу цивилисттердин эмгектерине байланыштуу: М.М.Агарков, С.Н.Братусь, С.Б.Грибанов, О.С.Иоффе, И.Б.Новицкий, В.А.Рясенцев ж.б.

**3. Жарандык укук илиминин усулу**

• тарыхий

• формалдуу логикалык

• статистикалык

• социологиялык

• салыштырма-укуктук

Жарандык укук илими бар нерселерди гана окутпастан, жарандык укуктун жаңы категорияларын иштеп чыгат, ошону менен жарандык мыйзамдарды алга жылдырат.

4. Жарандык укук илиминин негизинде жарандык укук окуу курсу куралган, анын негизги максаты жарандык укукту, укуктук тармак жана укуктук илим катары окутуу.

Жарандык укук илиминин жана окуу курсунун системасы жарандык укук тармагынын негизинде түзүлгөн.

## 5. Жарандык укуктун булактары

***1. Жарандык укуктун булактарынын түшүнүгү***
***2. Жарандык укуктун булактарынын түрлөрү***
***3. Жарандык мыйзамдардын кабыл алынышы жана күчүнө кириши***
***4. Жарандык мыйзамдардын таасир этүүсү***
***5. Жарандык укуктун булактарынын колдонулушу***

1. Жарандык укуктун булактары – бул жарандык-укуктук нормалардын формасы

Жарандык мыйзамдар Кыргыз Республикасынын гана колдонуусунда болот.

2. Жарандык укуктун булактарынын түрлөрү:

Кыргыз Республиасынын Конституциясы жана жарандык мыйзамдар:

Кыргыз Республикасынын жарандык кодекси анын негизинде кабыл алынган мыйзамдар;

Башка ченемдик актылар: Кыргыз Республикасынын Президентинин указы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору;

Ведомстволук ченемдик актылар;

Ишкердик чөйрөсүндөгү адаттар, мыйзамдарда каралбаган, ишкердик чөйрөсүндөгү калыптанган жана кеңири колдонулган жүрүм-турум эрежелери;

Эл аралык укуктук нормалар, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери.

3. Жарандык мыйзамдардын жана мыйзам алдындагы актылардын кабыл алынышы, күчүнө кириши.

Мыйзамдардын кабыл алынган датасы – Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган датасы.

Мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлгандан кийин 7-күндүн ичинде Кыргыз Туусу гезитине расмий жарыяланууга жатат. Алар расмий жарыяланган күндөн тартып 10-күндөн кийин күчүнө кирет, эгерде мыйзамдын өзүндө башкача каралбаса.

Кыргыз Республикасынын Президентинин указы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору аларга кол коюлгандан кийин 10-күн аралыгында ошол эле басылма аркылуу жарыяланууга жатат.

Адамдын укугуна жана эркиндигине тиешелүү ведомстволук укуктук актылар КРнын адилет министрлигнде каттоого жатат. Аларды Кыргыз Туусу гезити аркылуу официалдуу жарыялангандан 10-күндөн кийин күчүнө кирет, аткаруу бийлигинин ченемдик укуктук актыларынын бюллетенине киргизилет.

4. Жарандык мыйзамдардын аракеттениши

Жалпы эреже боюнча жарандык мыйзамдардын актылары өткөн чакка колдонулбайт жана мыйзам күчүно киргенден кийинки мамилелерге колдонулат. Жарандык мыйзам актылары күчүнө киргенге чейин пайда болгон мамилелер боюнча ал күчүнө киргенден кийин пайда болгон укук жана милдеттерге колдонулат.

Эгер мыйзам актынын өзүндө башкача каралбаса, анда анын таасири КРнын баардык аймагына таркайт. Жалпы эреже боюнча жарандык мыйзамдар КРнын аймагында жүргөн бардык жарандарга колдонулат.

5. Жарандык укуктун булактарын колдонуу.

Жарандык укуктун булактары юридикалык күчтөрүнө карай төмөндөгүдөй жайгашат:

КРнын конституциясы;

Эл аралык укуктун нормалары жана КРнын эл аралык келишимдери;

КРнын жарандык кодекси;

Мыйзам астындагы актылар;

Ишкердик чөйрөсүндөгү адаттар.

Юридикалык күчү төмөн булактар юридикалык күчү жогору болгон булактарга карама-каршы келбеши керек.

Жарандык укукта укуктун жана мыйзамдын аналогиясы колдонулат.

**Мыйзамдын аналогиясы** - бул мыйзамдарда, тараптардын макулдашуусунда же ишкердик чөйрөсүндөгү адаттарда тикелей каралбаган мамилелерге окшош мамилелерди жөнгө салган нормаларды колдонуу.

Мындай нормалар жок учурда тараптардын укуктары жана милдеттери жарандык мыйзамдардын жалпы башталыштарынын негизинде аныкталат **(укуктун аналогиясы)**.

**Бөлүм 2. Жарандык укук мамилелери**

**Глава 1. Жалпы жоболор**

**6. Жарандык укуктук мамилелеринин түшүнүгү, структурасы, өзгөчөлүктөрү.**

***1. Жарандык укуктук мамилелеринин түшүнүгү.***

***2. Жарандык укуктук мамилелеринин өзгөчөлүктөрү.***

***3. Жарандык укуктук мамилелеринин структуралары.***

***4. Жарандык укуктук мамилелеринин субъектилери.***

***5. Жарандык укуктук мамилелеринин объектиси.***

***6. Жарандык укуктук мамилелеринин мазмуну.***

***7. Субъективдүү укук.***

***8. Субъективдүү милдет.***

1. Жарандык укуктук мамилелер - бул жарандык укуктун нормалары менен жөнгө салынган коомдук мамилелер, анын катышуучулары юридикалык бирдей укуктарды жана милдеттерди алып жүрүшөт.

**2. Жарандык укуктук мамиленин өзгөчөлүктөрү.**

• Жарандык укуктук мамиленин субъектилеринин өз алдынчалыгы, мүлктүк обочолугу жана юридикалык теңдиги.

• жарандык укуктук мамиленин пайда болуусуна алып келген негизи юридикалык фактылар, - бул *бүтүмдөр*, б.а. укуктук мамиленин катышуучуларынын ыкыярдуу эрк билдирүү актылары.

• укуктук мамиленин мазмунун анын катышуучуларынын өз ыктыяры менен аныктоо мүмкүнчүлүгү (келишимдин эркиндиги);

• жарандык укуктарды бузгандыгы үчүн жана жарандык милдеттерди аткарбагандыгы үчүн укуктук кепилдиктердин жана жоопкерчилик чарасынын мүлктүк мүнөзү.

• соттук тартипте жарандык укуктарды коргоонун артыкчылыгы.

3. **Жарандык укуктук мамиленин структурасы:**

- Укуктук мамиленин субъекттери;
- Укуктук мамиленин объекттери;
- Укуктук мамиленин мазмуну.

**4. Жарандык укуктук мамиленин субъекттери** – бул конкреттүү жарандык укуктук мамилеге катышууга байланыштуу, жарандык укуктарга жана жарандык милдеттерге ээ болгон жактар. Алар ар кандай жарандык укуктун субъекттери болушу мүмкүн:

- физикалык жактар

- юридикалык жактар
- мамлекет

Жарандык укуктук мамиленин укукка ээ болгон катышуучусу кредитор деп аталат, ал эми милдетти алып жүрүүчү тарап карызкор деп аталат.

Адатта ар бир жарандык укуктук мамиленин катышуучусу бир эле мезгилде карызкор жана кредитор болот (мисалы, соода сатык келишими боюнча сатуучу товарды өткөрүп берүүгө милдеттүү жана ошол эле мезгилде акысын алууга укуктуу).

**5. Жарандык укуктук мамиленин объектиси** – бул (материалдык жана материалдык эмес) баалуулуктар, анын негизинде жарандык укуктук мамилелер пайда болот жана ага карата жарандык укуктук мамиленин катышуучулары укук жана милдеттерге ээ болот. Жарандык укуктук мамиленин объектилерине буюмдар анын ичинде акча жана баалуу кагаздар, башка буюмдар анын ичинде буюм укуктары; жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр; маалыматтар; акыл-эс ишмердигинин натыйжалары, анын ичинде аларга карата өзгөчө укуктар (интелектуалдык менчик); материалдык эмес баалуулуктар.

**6. Жарандык укуктук мамиленин мазмуну** – бул жарандык укуктук мамиленин субъектилеринин субъективдүү укуктары жана милдеттери. Субъективдүү укуктар жана милдеттер өз ара тыгыз байланышта болот. Ар бир жактын субъективдүү укугуна экинчи жактын субъективдүү милдети туура келет.

7. Субъективдүү укук - бул укуктук норамаларда каралган укуктуу тараптын жол коюлган мүмкүнчүлугү. Бул мүмкүнчүлүк өз ичине үч элементти камтыйт:

- жеке жүрүм-турум мүмкүнчүлүгү (мисалы, бир жактын өз менчигинде турган мүлктү пайдалануусу);
- башка жактан тийиштүү жүрүм-турумду талап кылуу укугу (мисалы, менчик ээсинин өз мүлкүн пайдаланууга карата жолтоо болбоосун, үчүнчү жактан талап кылуу укугу);
- субъективдүү укуктарды коргоо укугу
  - Өзүн-өзү коргоо
  - Оперативдүү таасир этүү чараларын колдонуу (мисалы, мамлекеттик органдарга кайрылбай туруп, милдеттүү тарапка белгилүү чараларды колдонуу, төлөбөгөндүгү үчүн мүлкүнөн кармап калуу);
  - Мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу анын ичинде юридикалык жоопкерчилик чараларын (туруксуздук, чыгымдарды өндүрүү, моралдык зыянды калыбына келтирүү) колдонуу.

8. Субъективдүү милдеттер – укуктук нормаларда каралган милдеттүү жүрүм-турум ченемдери, алар субъективдүү укуктар сымал үч элементтен турат:

- укуктуу жактын мыйзамдуу аракеттерине жолтоо болбоо;
- укуктуу жактын мыйзамдуу талаптарын аткаруу милдети;
- укуктуу жак колдонгон мыйзамдуу чараларга моюн сунуу милдети.

**7. Жарандык укуктук мамиленин түрлөрү**

***1. Абсолюттук жана салыштырмалуу укуктук мамилелер***

***2. Мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктук мамилелер***

***3. Мулктүк жана милдеттенме укуктук мамилелер***

1. Укуктуу жана милдеттүү жактардын өз ара катнашынын мүнөзүнө карай абсолюттуу жана салыштырмалуу укуктук мамилелер деп ажыратат.

Абсолюттуу укуктук мамиледе укуктуу жактын субъективдүү укугуна саны аныкталбаган милдеттүү жактардын милдеттери айкалышып турат. Менчик ээсинин өз менчигине карата ээлик кылуу, пайдалануу, тескөө укугуна башка бардык жактардын ага тоскоолдук кылбоо милдети туура келет. Ошондуктан мындай учурда жоопкерчилик чарасы абсолюттук укукту бузган ар кандай эле жакка карата колдонулат.

Салыштырмалуу укуктук мамиледе укуктуу жакка так аныкталган милдеттүү жак туура келет жана милдетти аткарууну талап кылуу, ал эми аткарбаган учурда мажбурлоо чарасын ушул эле милдеттүү жакка гана колдонот. Мисалы, карызды карыз алган жактан гана талап кыла алат.

2. Жарандык укуктардын көлөмүнө карай мүлктүк жана мүлктүк эмес укуктук мамилелердеп бөлүшөт.

Мүлктүк мамилелер ар дайым материалдык баалуулуктун (буюмдун) негизинде келип чыгат жана мүлктүн белгилүү жакка таандуулугуна байланыштуу (менчик укугу), же мүлктүн бир жактан экинчи жакка өтүүсү менен байланыштуу (келишим боюнча, мурас тартибинде). Мүлктүк укуктарды коргоо үчүн мүлктүк гана мүнөздөгү чаралар колдонулат (туруксуздук, чыгымды төлөө ж.б.).

Материалдык эмес укуктук мамилелер мүлктүк эмес баалуулуктардын негизинде келип чыгат, алар: кадыр-барк, ар-намыс, ишкердик бедел, чыгармаларга автордук укук ж.б. Мындай укуктарды коргоо үчүн мүлктүк чаралар (моралдык зыянды төлөө) менен катар мүлктүк эмес мүнөздөгү чаралар (автордукту таануу, эл алдында жокко чыгаруу ж.б.) колдонулат.

3. Укуктуу жактын кызыкчылыктарын канааттандыруу ыкмасына карай буюм жана милдеттенме укуктук мамилелери деп бөлүшөт.
Буюм укугу мүлктүк укуктук мамилеге негизделет (мисалы ээлик кылуу, мүлктү пайдалануу жана тескөө,жакка менчик укугуна таандык болгон)
Милдеттик мамилелер мүлктүк мамиленин динамикасын жөнгө салат: мүлктү өткөрүп берүү, жумушту аткаруу жана кызмат көрсөтүү мамилелери. Мындай учурда субъективдүү укук карызкорго таандык милдеттерин аткаруу аркылуу ишке ашат.

4. Катышуучулардын укук жана милдеттерин бөлүштүрүү боюнча жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Көпчүлүк учурда жарандык укуктук мамиле татаал болуп эсептелет анткени ар бир катышуучунун бир мезгилде укугу жана милдети бар.
Жөнөкөй укуктук мамиледе бир катышуучунун укугу гана бар, ал эми экинчисинин милдети гана бар (мисалы, займ келишими).

## Глава 2. Жарандык укуктун субьекттери.

## 8. Жарандар (физикалык жактар) жарандык укуктун субъекти катары. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү жана аракет жөндөмдүүлүгү.

***1. Жарандык укук субъективдүүлүгү***
***2. Жарандык укукка жөндөмдүүлүк: түшүнүгү жана мазмуну***
***3. Жарандык укукка жөндөмдүүлүктүн субьективдүү жарандык укуктан айрымасы***
***4. Жарандык аракетке жөндөмдүүлүктүн түшүнүгү жана пайда болушу.***
***5. Толук аракетке жөндөмсүз жарандар***
***6. 6жаштан 14 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн укук жөндөмдүүлүгү***
***7. 14-18 чейинки курактагы аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандар***
***8. Аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандар.***

1. Жарандык укуктук мамилеге толук кандуу катышуу үчүн физикалык жак жарандык укук субъективдүулүгүнө ээ болушу шарт:
- Жарандык укук жөндөмдүүлүгү
- Жарандык аракет жөндөмдуулүгү

2. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү – бул укуктук жактан таанылган жарандын жарандык укукка ээ болууга жана жарандык милдеттерди алып жүрүүгө болгон мүмкүнчүлүгү. Жарандык укук жөндөмдүүлүгү жаран төрөлгөндөн баштап таанылат жана өлүшү менен токтойт.

Жарандык укук жөндөмдүүлүгүнүн мазмуну болуп мүлктү менчик укугунда ээлик кылуу мүмкүнчүлүгү; мүлктү мураска жана керээз боюнча калтыруу; ишкердик жана башка ишмердик менен алектенүү, мыйзам тарабынан тыйуу салынбаган башка ишмердик кылуу; юридикалык жактарды түзүү; бардык тыюу салынбаган бүтүмдөрдү түзүү жана милдеттенмелерге катышуу; турак жайды тандоо; илимий, адабий жана искусство чыгармаларына карата автордук укукка ээ болуу; дагы башка мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укукка ээ болуу.

Жарандык укук жөндөмдүулүгүн чектөө мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда жана мыйзамда так аныкталган учурларда гана ишке ашырылат (мисалы, кылмыш жасагандыгы үчүн белгилүү ишмердик менен алектенүүгө тыйуу салуу же белгилүү кызматты ээлөө укугунан ажыратуу). Жарандын толук же жарым-жартылай укук жөндөмдүулүгүнөн баш тартуусу, эч кандай укуктук натыйжага алып келбейт, эгер мындай бүтүмдөргө мыйзам тарабынан жол берилген учурларды эске албаганда.

*3. Жарандык укук жөндөмдүүлүгүнүн субьективдүү жарандык укуктан айрымасы:*

- укук жөндөмдүүлүгү – бул субъективдүү укуктардын пайда болуусунун жалпы шарты, алар белгилүү юридикалык фактылардын негизинде пайда болушат;
- укук жөндөмдүүлүгү – бул укукка ээ болуунун абстракттуу мүмкүнчүлүгү, ошондо ар-бир субъективдүү укукка белгилүү субъективдүү милдет коштолот;
- укук жөндөмдүүлүгү – бул жарандын ажыратылгыс касиети, ал эми субъективдүү укук – бул укуктук мамиленин элементи.

4. Жарандык аракетке жөндөмдүүлүк – бул жарандын өз аракети менен жарандык укукту пайда кылуу жана ишке ашыруу, өзү үчүн жарандык милдеттерди пайда кылуу жана аларды аткаруу жөндөмдүулүгү.

Жарандык аракетке жөндөмдүүлүк толук көлөмдө кийинки учурларда пайда болот:

- жашы жеткенде, б.а. он сегиз жаш курагына чыкканда;
- жашы жете электе никеге турган учурда, эгер буга жол коюлса
- 16 жашка чыккан жашы жетпеген адамды аракетке жөндөмдүү деп тапкан учурда, эгер ал эмгек келишими боюнча иштесе, мыйзамдуу өкүлдүн макулдугу менен ишкердик менен алектенсе.

5. Толук аракетке жөндөмсүздөр төмөндөгүлөр:

- 6 жашка чейинки балдар;

- психикалык жактан жабыркаган жарандардын өз аракетинин маанисин түшүнбөгөн учурда, сот тарабынан аларды аракетке жөндөмсүз деп тапканда, мындай жарандардын үстүнөн камкорчу дайындалат.

6. 6-жаштан 14-жашка чейинки жашы жете элек балдар өз алдынча төмөндөгү бүтүмдөрдү түзө алышат:

● майда тиричилик бүтүмдөрдү;

● нотариалдык күбөлөндүрүүнү же мамлекеттик каттоону талап кылбаган ордун толтуруусуз пайда табууга багытталган бүтүмдөр;

● мыйзамдуу өкүлдөрү тарабынан берилген каражаттарды белгилүү максаттар үчүн же эркин пайдаланууга байланыштуу бүтүмдөр.

Калган бүтүмдөрдү алардын атынан алардын мыйзамдуу өкүлдөрү түзүшөт.

7. 14-жаштан 18-жашка чейинки аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандар өз алдынча төмөндөгү бүтүмдөрдү жасай алышат:

● өспүрумдөрдүн бүтүмүн түзө алышат;

● өзүнүн айлык маянасын, стипендиясын же башка кирешесин эркин пайдаланууга;

● интеллектуалдык менчикке автордук укукту ишке ашырууга;

● 16-жашка толгондон кийин кооперативдин мүчөсү боло алат;

● кредиттик мекемеге салым кошууга жана аны башкарууга;

Алар башка бүтүмдөрдү мыйзамдуу өкүлдөрүнүн кат түрүндөгү уруксаты менен жасай алышат. Келтирилген зыян үчүн өз алдынча жооп берет. Мындай учурда мыйзамдуу өкүлдөр жоопкерчиликке субсидиардуу тартылышат, эгер зыяндын ордун толтурууга анын каражаты жетпесе.

8. Аракетке жөндөмдүүлүк – жарандын ажыратылгыс укугу, ал мыйзамда каралган учурда гана ишке ашырылат. Аракетке жөндөмдүүлүктү эки учурда гана чектесе болот:

● 14-18 жашка чейинки жашы жете элек жарандар, ага жеткиликтүү негиздер болгон учурда гана өз кирешесин тескөө укугунан чектелиши же ажыратылышы мүмкүн, эгер ал андан баштарак толук аракетке жөндөмдүү деп табылбаса (эмансипацияланбаса).

● Толук аракетке жөндөмдүү жаран сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылышы мүмкүн, эгер спирт ичимдигин кыянаттык менен пайдаланып, үй-бүлөсүн катаал материалдык абалга койсо.

Мындай жаран өз алдынча майда үй-тиричилик бүтүмдөрүн түзө алат жана өз милдеттенмелери боюнча мүлктүк жоопкерчилик тартат. Аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жаран тарабынан башка бутүмдөрдү түзүү, эмгек акысын, пенсия жана башка киреше алып аны иштетүү анын көзөмөлчүсүнүн макулдугу менен гана ишке ашат.

Сот, жарандын аракетке жөндөмдүүлүгүн чектөөгө негиз болгон жагдайлар жоюлган учурдан тартып, аны аракетке жөндөмдүүлүгүн чектеген чечимди жокко чыгарат.

## 9. Камкордук жана көзөмөлдүк. Патронаж

***1. Камкордук жана көзөмөлдүктүн айрымалары.***
***2. Камкордук жана көзөмөлдүк***
***3. Камкордук жана көзөмөлдүктүн токтотулушу***
***4. Патронаж***

1. Аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандардын кызыкчылыгын коргоо үчүн камкордук жана көзөмөлдүк дайындалат. Камкорчулар жана көзөмөлчүлөр мыйзамдуу өкүлдөр болуп эсептелишет.

Камкордуктун көзөмөлдүктөн айырмасы:

- Камкордук өспүрүм балдардын үстүнөн жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп табылган жарандардын үстүнөн дайындалат. Ал эми көзөмөлчү жашы жете электерге, сот тарабынан аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген адамдарга дайындалат.
- Камкорчулар камкордуктагы адамдардын атынан жана алардын кызыкчылыктары үчүн бардык керектүү бүтүмдөрдү түзүшөт. Ал эми көзөмөлчүлөр көзөмөл алдындагы адамдардын бутүмдөрүнө макулдугун гана беришет, алар өз алдынча бүтүм түзө алышпайт.

2. Камкорчулук жана көзөмөлдүк органдары камкорчуларды жана көзөмөлчүлөрдү алардын макулдугу менен дайындайт, ошондой эле алардын аракеттерине көзөмөл жүргүзөт. Камкорчу жана көзөмөлчү болуп жашы жеткен, ата-энелик укуктарынан ажыратылбаган жарандар гана боло алат.

Камкордукта турган адамдын кирешелери, анын камкорчусу же көзөмөлчүсү тарабынан, алдын-ала үй-бүлөнү жана балалыкты коргоо органдарынын макулдугу менен анын кызыкчылыгы үчүн иштетилет. Мындай макулдуксуз камкордуктагы адамды багууга керектүү чыгымдарды жасоого болот.

Камкорчу, көзөмөлчү анын жубайлары жана алардын жакын туугандары, камкордуктагы адамдын кызыкчылыгына багытталган учурдан башка бүтүмдөрдү аны менен түзө алышпайт. Камкордуктагы адамдын кыймылсыз же баалуу мүлкүн такай башкаруу зарыл болгон учурда, камкордук жана көзөмөлдүк органдары анын тандап алган жагы менен мүлктү ишенимдүү башкаруу келишимин түзөт.

3. Камкорчулук жана көзөмөл төмөндөгү учурларда токтотулат:

- камкордуктагы адамдын өлүшү менен же аны өлдү деп жарыялаганда;
- сот тарабынан жаранды аракетке жөндөмдүү деп тааныганда же чектелген аракетке жөндөмдүүлүгүн алып салганда;
- камкордуктагы 14 жашка толгондо камкорчулук токтотулат, ал эми анын камкорчусу автоматтык түрдө анын көзөмөлчүсү болуп калат;
- жашы жете электкердин үстүнөн көзөмөл, ал 18-жашка чыккандан тартып токтотулат же анын нике курагын төмөндөтүү аркылуу аракетке жөндөмдүүлүккө ээ болгондо же эмансипация болгондо.

4. Патронаж. Ден соолугунун абалына байланыштуу, өз алдынча өзүнүн укугун жана милдеттерин ишке ашыра албаган жана коргой албаган, жашы жеткен аракетке жөндөмдүү жарандын суранычы боюнча камкорчулук жана көзөмөлдүк органдары тарабынан анын үстүнөн көзөмөлдүн патронаж түрү дайындалат. Мындай учурда көзөмөлдөгү жарандын мүлкүн тескөө көзөмөлчү (жардамчы) тарабынан, аны менен алдын-ала түзүлгөн келишимдин негизинде гана ишке ашырылат. Патронаж дайындоо көзөмөлдө турган адамдын аракетке жөндөмдүүлүгүн чектебейт.

## 10. Турак жай

1. ***Турак жай түшүнүгү***
2. ***Жаранды турак жайы аркылуу каттоонун тартиби***

1. Жарандын турак жайы – бул ал туруктуу же дээрлик туруктуу жашаган жери саналат. Турак жай адамдын аты сыяктуу индивидуалдаштыруу каражаты болуп саналат жана милдеттенмени аткаруу же мурасты ачуу жайын, аныктоодо мааниге ээ.

Жашы жете электердин, 14-жашка чыга элек балдардын ошондой эле камкордуктагы жарандардын турак жайы болуп, алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн: ата-энесинин, асырап алуучулардын же камкорчулардын жашаган жери саналат.

2.

## 11. Жаранды дайынсыз жоголду деп табуу. Жаранды өлдү деп табуу

***1. Жаранды дайынсыз жоголду деп табуунун же жаранды өлдү деп табуунун негиздери***
***2. Жаранды дайынсыз жоголду деп табуу***
***3. Жаранды өлдү деп табуунун негиздери***
***4. Жаранды өлдү деп табуунун укуктук натыйжалары***
***5. Жаранды өлдү деп табуу жөнүндө чечимди кайра жокко чыгаруу***

1. Жаранды дайынсыз жоголду деп табуу же жаранды өлдү деп жарыялоо төмөндөгү юридикалык фактылардын жыйындысы болгон учурда гана мүмкүн:

● жаран туруктуу жашаган жеринде узак мөөнөт жок болгондо;

● анын жүргөн жери дайынсыз болгондо жана аны аныктоого мүмкүн эмес болсо

● жарандын жүргөн жери тууралуу акыркы маалыматты алган күндөн тартып аныкталган мөөнөттөр өткөндө.

2. Эгерде жаран жашаган жеринде бир жылдан ашуун убакыт жок болсо жана ал жөнүндө маалымат болбосо, анда сот тарабынан кызыкчылыгы бар жактын арызы боюнча жаран дайынсыз жоголду деп таанылат.

Дайынсыз жоголгон адамдын мүлкүн такай башкаруу зарылдыгы болгондо, камкорчулук жана көзөмөлдүк органдары ал тандаган жак менен бул мүлктү ишенимдүү башкаруу келишимин түзөт. Дайынсыз жоголгон адамдын мүлкүнүн эсебинен, ал аларды багууга милдеттүү болгон жактарга керектүү каражат берилип турат, ошондой эле дайынсыз жоголгон адамдын башка милдеттенмелери боюнча карыздары жабылат.

Эгерде, сот тарабынан дайынсыз жоголду деп жарыяланган жаран кайра келип калса же ал жашаган жер тууралуу маалымат алынса, анда сот ошол чечимди жокко чыгарат. Мындай соттун чечиминин негизинде жарандын мүлкүн ишенимдүү башкаруу да чокко чыгарылат.

3. Төмөндө көрсөтүлгөн учурларда жаран каза болду деп жарыланышы мүмкүн:

Анын жашаган жеринде 5-жыл аралыгында жүргөн жери тууралуу маалымат жок болсо;

Эгерде анын өмүрүнө коркунуч келтирүүчү жагдайлардан же аны өлдү деп эсептөөгө негиз боло турган окуядан кийин анын жашаган жеринде 6-ай бою эч кандай кабар жок болсо (мындай учурда жарандын өлгөн күнү деп соттун аны өлдү деп жарыялаган чечиминин күчүнө кирген күнү эмес, анын божомолдуу өгөн күнү эсептелет);

Согуш аракеттери бүткөндөн кийин, ага катышууда жоголгон жарандан эки жыл бою жашаган жери жөнүндө эч кандай кабар жок болсо;
4. Жаранды өлдү деп жарылоо, чыныгы өлүмдөй эле укуктук натыйжаларга алып келет, алар:
- Мурастын ачылышына;
- Жеке мүнөздөгү милдеттенмелердин токтотулушуна;
- Өлдү деп жарыяланган жак менен никенин токтошуна;
- Багарманын жоготкондугу үчүн камкордуктагы адамдардын пенсия жана жөлөк пул алууга укуктарынын пайда болуусуна.

5. Сот тарабынан өлдү деп жарыяланган жаран өзү келип калса же жашаган жери маалым болсо, анда сот ошол чечимин жокко чыгарат. Мындай учурда жаран өзүнүн сакталып калган мүлкүн, ага акысыз өтүп калган ар кандай жактан талап кылууга укуктуу (акча жана баалуу кагаздан башкасы).

**12. Жарандык абалдын актылары**

***1. Жарандык абалдын актыларынын түшүнүгү***

***2. Жарандык абалдын актыларынын түрлөрү***

***3. Жарандык абалдын актыларын каттоонун тартиби***

**1. Жарандык абалдын актылары** – бул мыйзамдын негизинде жарандык абалдын актыларын каттоо органдарында (ЖААК) каттоого тийиш болгон юридикалык фактылар.

**2. Каттоого төмөнкүлөр тийиш:**
- төрөлүү;
- никеге туруу;
- никени токтотуу;
- баланы асырап алуу;
- аталыгын аныктоо;
- фамилияны (атын) өзгөртүү;
- жарандын өлүмү.

3. Актылардын жазылып катталуусу андагы тастыкталган фактылардын талашсыз далили болуп саналат. Жарандык абалдын актыларын каттоонун тартиби жана шарттары, аларды оңдоо, аларга өзгөртүү киргизүү же жокко чыгаруу, ошондой эле ЖААКтын ишмердигин уюштуруу Кыргыз Республикасынын “жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө” мыйзамына ылайык аныкталат. Жарандык абалдын актыларын каттоодон келип чыккан талаш-тартыштар, жазууларды оңдоо же өзгөртүү сот тартибинде чечилет.

## 13. Юридикалык жактын түшүнүгү, аны түзүүнүн максаты жана таанылышы

1. ***Юридикалык жактын түшүнүгү***
2. ***Юридикалык жакты түзүүнүн максаты***
3. ***Юридикалык жактын таанылышы***
4. ***Юридикалык жактын мүлкүнө анын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) укуктары***

**1. Юридикалык жак –** бул өзүнүн менчигинде обочолонгон мүлкү бар, аны менен өз милдеттенмелери боюнча жооп берген, өзүнүн атынан жарандык укуктарды пайда кылган, милдеттерди алып жүргөн жана сотто жак катары катыша алган уюм.

2. **Юридикалык жакты түзүүнүн максаты** :

- мүлктү борборлоштуруп жана обочолонтуп аны менен жарандык жүгүртүүгө катышуу;
- юридикалык жактын милдеттенмелери боюнча өз алдынча жоопкерчилигинин эсебинен уюштуруучулардын ишкердик тобокелдигин азйтуу;
- кредиторлордун кызыкчылыгын, юридикалык жактын уставдык капиталынын эң төмөн өлчөмүн аныктоонун эсебинен камсыз кылуу.

**3. Юридикалык жактын белгилери:**

- уюштуруучулук биримдиги, бул юридикалык жакты башкаруу үчүн анын ишмердүүлүгүнүн максатына жетүү үчүн арналган, юридикалык жактын бирдиктүү бүтүн, белгилүү ички түзүмү менен уюштурулушу.

Уюштуруучулук биримдүүлүк учредителдик документтеринде бекитилип каралган юридикалык жактын органдарынын тутумунда, алардын компетенцияларында, өз-ара катышында, юридикалык жактын ишмердүүлүгүнүн максатында чагылдырылат.

- мүлктүк обочолук, б.а. жарандык айландырууга (оборот) катышууга зарыл болгон, өзүнүн обочолонгон мүлкүнүн болушу. Юридикалык жактын мүлкү ага карата менчик укугунда, чарба жүргүзүү укугунда же оперативдик башкаруу укугунда таандык болушу мүмкүн. Юридикалык жактын өз алдынча балансы же сметасы болушу керек.
- өз алдынча мүлктүк жоопкерчилик. Жалпы эреже боюнча юридикалык жак милдеттенмелери боюнча өзүнө таандык бардык мүлкү менен жооп

берет (менчик ээси тарабынан каржыланган мекемелерден башкасы). Айрым учурларда юридикалык жактын милдеттенмелери боюнча субсидиардык жоопкерчиликти анын уюштуруучулары жана катышуучулары тартышат.

- өз алдынча жарандык укуктарды пайда кылуу, жоопкерчилик тартуу жана сотто доогер же жоопкер катары катышуу мүмкүнчүлүгү. Бардык пайда болгон укук жана милдеттердин субъектиси болуп юридикалык жак өзү эсептелет анын уюштуруучусу же катышуучусу эмес

**4. Юридикалык жактын уюштуруучулары (катышуучулары) анын мүлкүнө карата төмөндөгү укуктарга ээ болот.**

- буюм укугуна (менчик ээси тарабынан каржыланган мамлекеттик жана муниципалдык унитардык ишканалар);
- милдеттенме укугуна (чарбалык шериктештиктер жана коомдор, өндүрүштүк жана керектөөчүлөр кооперативдери);
- эч кандай укуктарга ээ болбойт (коомдук бирикмелер жана фонддор).

## 14. Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгү

1. ***Укук жөндөмдүүлүк түшүнүгү***
2. ***Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнүн түрлөрү***
3. ***Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнүн мазмуну***

1. **Укук жөндөмдүүлүгү** – бул укукка ээ болуу жана милдетти алуу жөндөмдүүлүгү. Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгү анын аракетке жөндөмдүүлүгу менен дал келет. Ал юридикалык жактык каттоодон өткөн мезгилинен баштап пайда болот жана токтогондугу жөнүндө каттоодон өткөн мезгилинен баштап токтойт.
2. **Юридикалык жактын укук жөндөмдүүлүгүнүн түрлөрү:**

   - атайын укук жөндөмдүүлүк. Юридикалык жак уюштуруу документтеринде каралган ишмердүүлүгүнүн максатына ылайык келген жарандык укуктарга ээ жана ушул ишмердиктен келип чыккан милдеттенмелерди алат.
   - жалпы укук жөндөмдүүлүк. Мыйзам менен тыюу салынбаган ар-кандай ишмердик менен алектенүүгө зарыл укук жана милдеттерге ээ болууга болжолдуу мүмкүнчүлүк.
3. **Юридикалык жак** өзүнүн органдары аркылуу өзүнө укук жана милдеттерди пайда кылат, бул органдарынын структурасы жана ыйгарым укуктары уюштуруу документтеринде аныкталат.

   Юридикалык жак өзү жайгашкан жеринен башка жерде өкүлчүлүктөрдү жана филиалдарды түзө алат.

Өкүлчүлүк – бул юридикалык жактын жактын жайгашкан жеринен башка жерде жайланышкан обочолонгон бөлүмү, ал юридикалык жактын кызыкчылыгын ишке ашырат жана коргойт.

Филиал өкүлчүлүктүн функцияларынан башка юридикалык жактын бардык функцияларын ишке ашырат.

Филиалдар жана өкүлчүлүктөр юридикалык жактын уставдык документтеринде көрсөтүлүшү керек. Филиалдар жана өкүлчүлүктөр өз алдынча юридикалык жак болуп (демек, жарандык укуктун субьектиси да болуп) эсептелинбейт. Анын жетекчилери өз ыйгарым укуктарын ишеним каттын негизинде ишке ашырышат. Филиалдар жана өкүлчүлүктөр аны түзгөн юридикалык жак тарабынан кабыл алынган жобонун негизинде иш алып барышат, ал эми ага берилген мүлк ушул юридикалык жактын менчиги болуп таанылат.

Юридикалык жактын укуктары мыйзамда көрсөтүлгөн учурда жана тартипте чектелиши мүмкүн. Мындай чектөө сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

## 15. Юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттары

1. ***Юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттарынын түшүнүгү жана түрлөрү***
2. ***Юридикалык жактын аталышы***
3. ***Юридикалык жактын жайгашкан орду***
4. ***Ишкердик бедели***
5. ***Коммерциялык же кызматтык сыр***

1. **Юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттары** – Бул конкреттүү юридикалык жакты көпчүлүк башкалардан айрымалоого мүмкүндүк берген ыкмалар.

Бул каражаттарга төмөнкүлөр кошулат:

- Юридикалык жактын аталышы
- Юридикалык жактын жайгашкан орду
- Юридикалык жактын товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн индивидуалдаштыруу каражаттары: товардык белги, кызмат көрсөтүү белгилери, товардын келип чыккан ордунун аталышы.

Юридикалык жакты индивидуалдаштыруу каражаттары менен ишкердик беделди коргоо, жарнама, коммерциялык жана кызматтык сырды коргоо боюнча мамилелер тыгыз байланышкан.

**2. Юридикалык жактын аталышы төмөнкүлөрдү камтышы керек:**

- Юридикалык жактын уюштуруу-укуктук формасына көрсөтмөнү;

- Коммерциялык эмес уюмдар, унитардык ишканалар үчүн жана башка мыйзамда көрсөтүлгөн учурда – юридикалык жактын ишмердигинин мүнөзүнө көрсөтмөнү.

*Коммерциялык уюмдар* о.э. фирмалык аталышка ээ болушу керек, ал мыйзамда аныкталган тартипте каттоодон өтүшү керек.

Юридикалык жак өзүнүн фирмалык аталышына карата бирден-бир укукка ээ. Башка бирөөнүн каттоодон өткөн фирмалык аталышын мыйзамсыз пайдаланган жак, ушул фирмалык аталышка карата укуктун ээсинин талабы боюнча аны пайдаланууну токтотуп, келтирилген чыгымды толтурууга милдеттүү.

**3. Юридикалык жактын жайгашкан орду** болуп анын мамлекеттик каттоодон өткөн орду таанылат, эгер мыйзамда же башка уюштуруу документтеринде башкача каралбаса.

Караниеттүү атаандаштык максатында башкалардын каттодон өткөн жайгашкан ордун мыйзамсыз пайдаланууга жол берилбейт.

Уюштуруу документтеринде юридикалык жактын жайгашкан ордун туура эмес көрсөткөндүгүнүн натыйжасында келтирилген чыгымдар үчүн жоопкерчиликти юридикалык жактын уюштуруучулары тартат.

**4. Юридикалык жактын ишкердик бедели –** юридикалык жак, анын өндүргөн товарлары жана көрсөткөн кызматтары жөнүндө коомчулукта жана ишкерлер чөйрөсүндө калыптанган пикир. Ишкердик беделди коргоо сот тартибинде ишке ашырылат. Ишкердик беделге шек келтирүү, юридикалык жак жөнүндө туура эмес маалымат таркатуу маалыматтарды бурмалоо аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн, бул караниеттүү атаандаштыктын бир формасы болушу мүмкүн.

Жарнама процессинде түзүлгөн мамилелер атайын “жарнама” жөнүндө мыйзам менен жөнгө салынат.

**5.Коммерциялык же кызматтык сыр** – бул төмөнкүлөрдү камтыган маалымат:

- үчүнчү жактарга белгисиздиги менен учурда же келечекте экономикалык баалуулукка ээ болот;
- эркин алууга жол жок;
- ага карата анын ээси сырдуулугун сактоого чараларды көрөт.

Укук ээлөөчүнүн макулдугусуз мындай маалыматты таркаткан учурда, укук ээлөөчү андан келип чыккан залады калыбынга келтирүүнү талап кылууга укуктуу.

## 16. Юридикалык жактардын пайда болушу жана кыскарышы

***1. Юридикалык жактардын пайда болушу***
***2. Юридикалык жактардын кыскарышынын негиздери***
***3. Юридикалык жактардын кыскарышынын түрлөрү***
***4. Юридикалык жактардын жоюлушу***
***5. Юридикалык жактардын кайра түзүлүшү***
***6. Юридикалык жак жоюлганда кредиторлордун укуктарынын кепилдиктери***
***7. Юридикалык жактын кудуретсиздиги***

1. **Юридикалык жактын** пайда болушу эки баскычтан турат:
   - Юридикалык жакты түзүү (сөздүн тар маанисинде);
   - Юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өтүүсү, бул учурдан баштап юридикалык жак түзүлгөн болуп эсептелинет.

Юридикалык жак түзүүчүлөрдүн (учредителдердин) демилгеси менен пайда болот, ал эми ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аны каттоого алып жатканда аныкталган тартипте документтердин тапшырылышын жана алардын мыйзамга дал келүүсүн гана текшерет.

2. **Юридикалык жактардын кыскарышынын негиздери:**

- ыктыярдуу, б.а. юридикалык жактын уставы боюнча ыйгарым укуктуу органынын чечими менен (кээбир учурда компетенттүү мамлекеттик органдын чечими) .

- тескемелүү:

● Юридикалык жактын түзүүчүлөрүнүн (катышуучулардын) чечими менен;
● Мамлекеттик компетенттүү органдын чечими менен;
● Соттун чечими менен.

3. **Юридикалык жактардын кыскарышынын түрлөрү:**

**кайрадан түзүү** – укукту мурастоочулук тартибинде юридикалык жактын укуктары жана милдеттеринин башка юридикалык жакка (баштагы же жаңы түзүлгөн) өтүүсү менен кыскарышы;

**жоюу** – юридикалык жактын укуктары жана милдеттери башка жакка өтпөстөн толук кыскарышы.

Юридикалык жак аны кайра түзүлдү же кыскарды деп мамлекеттик каттоодон өткөргөн учурдан тартып кыскарды деп саналат. Бул узак мөөнөттүү даярдоо иш чараларынан кийин гана ишке ашат, анын ичинде юридикалык жакын мүлкүн эсепке алуу, кредиторлорду эскертүү жана алардын кызыкчылыктарын канааттандыруу.

4. Юридикалык жактардын жоюлушунун түрлөрү:

- Калган мүлктү юридикалык жактын катышуучуларынын арасында бөлүштүрүү менен (чарбалык коомдорду жана шериктештиктерди, кооперативдерди жоюу);
- Калып калган мүлктү менчик ээсине өткөрүп берүү менен (унитардык ишканалар жана менчик ээси тарабынан каржыланган мекемелер);
- Калган мүлктү юридикалык жактын уставында аныкталган максаттарга өткөрүп берүү менен (коомдук жана диний уюмдар, фонддор).

**5. Юридикалык жактарды кайра түзүүнүн түрлөрү:**

**Куюлушуу** – эски бир-нече юридикалык жактардын ордуна жаңы бирөөнүн пайда болуусу;

**Кошулуу –** бир юридикалык жактын башкага кошулуусу;

**Бөлүнүү -** эски бир юридикалык жактын ордуна бир-нече жаңынын пайда болуусу.

**Бөлүп алуу** – юридикалык жакты кыскартпай туруп андан жаңы юридикалык жакты бөлүп алуу.

**Өзгөрүлүү –** юридикалык жактын уюштуруучулук-укуктук формасынын өзгөрүшү.

**6.** Юридикалык жак кыскарып жатканда кредиторлордун укуктарынын кепилдиктери:

- Кредиторлорду милдеттүү кабарландыруу;
- Кредиторлордун милдеттенмелердин токтотулушун же мөөнөтүнөн мурун токтотулушун мындан кетирилген чыгымдардын ордун толт уруу менен талап кылуу укугу;
- Бөлүштүрүү балансы мураскерди аныктоого мүмкүндүк бербеген учурда өзгөрүлгөн юридикалык жактын милдеттенмелери боюнча жаңы түзүлгөн юридикалык жактардын биргелешкен (солидарная) жоопкерчилиги.

**7.** Эгер юридикалык жак бардык кредиторлордун талаптарын канааттандыра албайкалса, анда ал кудуретсиз деп табылышы мүмкүн, анын акыбети кыскарышына алып келет. Кудуретсиздик жөнүндө чечим сот тарабынан же юридикалык жактын кредиторлору менен биргеликте өзү тарабынан кабыл алынышы мүмкүн.

Кудретсиз деп ар кандай эле коммерциялык уюм (мамлекеттик ишканадан башка), ошондой эле керектөөчүлөр кооперативи жана мээримдүүлүк ж.б. фонддор жарыяланышы мүмкүн. Юридикалык жактын кудуретсиздигине байланышкан мамилелер "Кудуретсиздик жөнүндө" КРнын мыйзамы менен жөнгө салынат.

Оңолгус карызкорго төмөндөгү чаралар колдонулушу мүмкүн:

● Кайрауюштуруучулук чаралар (ишкананы жандандырууга багытталат);

- тышкы башкаруу, арбитраждык башкаруучу тарабынан ишке ашырылат

- санация, б.а. и шкананын менчик ээси тарабынан, кредиторлору тарабынан же башка жактардан финансылык жардам көрсөтүү.
●Тынчтык келишими;
●кыскартуу процедуралары.
Кудуретсиздиктин себебинен юридикалык жактын кыскарышынын өзгөчөлүгү:
Банкроттун бардык кредиторлордун талаптарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгү жоктугу;
Банкроттун кредиторлорунун талаптарын канааттандыруунун кезегинин аныкталышы
Бир кезектеги кредиторлордун талаптарын пропорционалдуу канааттандыруу.

## 17. Юридикалык жактарды классификациялоо

1. ***Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар***
2. ***Юридикалык жактын мүлкүнө карата уюштуруучулардын укуктарынын мүнөзүнө карай юридикалык жактардын түрлөрү***
3. ***Корпорациялар жана мекемелер***

**1. Ишмердигинин максатына карай юридикалык жактар төмөнкүгө бөлүнөт:**
● коммерциялык
● коммерциялык эмес
Алардын айрымачылыгы:
**Коммерциялык уюмдардын негизги максаты** – киреше алуу, ал эми коммерциялык эмес уюмдар, алардын уставдык максатына жетүү үчүн гана ишкердик жургузө алат, жана ага ылайык келсе.
**Киреше** – коммерциялык уюмдардын катышуучуларынын ортосунда бөлүштүрүлөт, ал эми коммерциялык эмес уюмдардын кирешеси, аларды түзүүдөгү максатына жетүүгө жумшалат.
*Коммерциялык уюмдар* жалпы укук жөндөмдүүлүккө ээ, ал эми *коммерциялык эмес уюмдар* – атайын укук жөндөмдүүлүккө ээ.
*Коммерциялык уюмдар* төмөндөгү формада гана түзүлүшү мүмкүн чарбалык шериктештик жана коомдор, өндүрүштүк кооперативдер, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар; ал эми *коммерциялык эмес* уюмдар – Кыргыз Республикасынын ЖК жана башка мыйзамдарында каралган формаларда түзүлүшөт.

2. юридикалык жактын мүлкүнө карата анын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) укугунун мүнөзүнө карай бөлүнөт, ал укуктар төмөндөгүлөр:
● мүлктүк укуктар (унитардык ишканалар жана мекемелер);
● милдеттенме укуктар (чарбалык шериктештиктер жана коомдор, кооперативдер);
● эч кандай укукка ээ эмес (фонддор, коомдук бирикмелер).
3. юридикалык жактын уюштуруучуларынын субъекттик составы боюнча кийинкидей бөлүнөт:
● корпорациялар, бир нече адамдар түзүшөт жана мүчөлүгү бар;
● мекемелер – мүчөлүгү жок уюмдар.

## 18. Чарбалык шериктештиктер жана коомдор

1. ***Шериктештиктер жана коомдордун ортосундагы айрымачылык***
2. ***Толук шериктештик***
3. ***Ишенимдеги шериктештик***
4. ***Жоопкерчилиги чектелген коом***
5. ***Кошумча жоопкерчиликтүү коом***
6. ***Акционердик коом***
7. ***Ачык жана жабык акционердик коомдордун ортосундагы айрымачылык***

1. Чарбалык шериктештиктер жана коомдор – такай ишкердик менен алектенүү үчүн түзүлгөн, коммерциялык уюмдардын кеңири таралган түрү.
*Шериктештик* – бул жактардын бирикмеси, ал эми *коом* – капиталдардын бирикмеси. Ушунусу менен алардын орт осундагы төмөндөгү айрымачылыкары шартталат:
* шериктештиктердин катышуучулары түздөн-түз шериктештиктин ишмердигине катышуусу керек, ал эми коомдордо капиталы менен катышуусу жетиштүү.
Шериктештиктердин катышуучусу катары юридикалык жактар жана жеке ишкерлер гана боло алат, ал эми коомдордун катышуучусу катары ар кандай жарандык укуктун субъектиси боло алат;
* толук шериктештердин аракеттери шериктештиктин өзүнүн аракети катары эсептелет, ал эми коомдордун укуктарга жана милдеттерге ээ болуусу алардын органдары тарабынан ишке ашырылат;
* бир эле жак бир убакта бир гана шериктештикке катыша алат, бирок чектелбеген коомдорго катышуучу боло алат;

* шериктештиктин милдеттенмелери боюнча шериктештер өзүнүн жеке мүлкү менен толук мүлктүк жоопкерчиликте (субсидиардык тартипте) болуусу менен мүнөздөлөт, ал эми коомдордун катышуучулары мүлктүк жоопкерчилик тартышпайт (кошумча жоопкерчиликтүү коомдордон башкасы), анткени алардын салымы – коомдун менчиги, демек алар ушул салымынын өлчөмүндө гана тобокелдикти алып жүрөт;

* коомдор үчүн эң төмөнкү уставдык капиталдын өлчөмү коюлган, ал эми шериктештиктерге карата андай эреже жок.

Жарандык кодекстин нормалары чарбалык шериктештиктердин укуктук абалын толугу менен жөнгө салат, ал эми коомдорго карата атайын мыйзамдарды чыгаруу каралат (Акционердик коомдор жөнүндө мыйзам).

***Чарбалык шериктештиктер.***

**2. Толук шериктештик** – шериктештиктин катышуучулары алардын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык шериктештиктин атынан ишкердүүлүк жүргүзөт жана анын милдеттенмелери боюнча аларга таандык мүлкү менен жоопкерчилик тартат. Толук шериктештик эгер анда катышуучу болуп бирөө калганда жоюлат.

**3. Ишенимдеги шериктештик (коммандиттик шериктештик)** – толук шериктештердин катарында салуучулар (коммандитисттер) катышат, алар шериктештиктин ишмердигине байланышкан чыгымдардын тобокелчилигин өз салымдарынын суммасынын алкагында алып жүрөт жана шериктештиктердин ишкердик аракеттерине катышпайт.

*Салуучулар* шериктештиктерди башкарууда катышпайт, алар төмөнкүлөргө гана укуктуу:

● шериктештиктин жылдык отчету менен таанышууга;

● шериктештиктин кирешесинин бөлүгүн алууга;

● шериктештик жоюлгандан кийин калган мүлктөн аларга тиешелүү бөлүгүн толук шериктерден башта алууга;

● каржылык жылдын аягында шериктештиктен чыгууга.

Эгерде шериктештиктен коммандитисттер толугу менен чыгып кеткен учурда ал жоюлат же толук шериктештик болуп кайра түзүлөт. Эгер коммандиттик шериктештикте жок дегенде бир толук шерик жана бир салуучу катышса ал сакталып калат.

***Чарбалык коомдор.***

**4. Жоопкерчилиги чектелген коом** – уставдык капиталы үлүштөргө бөлүнгөн, анын өлчөмү уюштуруу документтери менен аныкталган бир же бир-нече жактардан түзүлгөн коом.

Жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучулары анын милдеттемелери боюнча жооп бербейт жана коомдун ишмердигине байланышкан чыгымдардын тобокелчилигин өзүнүн кошкон салымынын баасынын өлчөмүндө гана тартат.

Атайын мыйзам менен коомдун катышуучуларынын мүмкүн болгон эң жогорку саны жана уставдык капиталынын эң төмөнкү өлчөмү белгилениши керек, эгерде ага жетпесе коом жоюлууга жатат.

Коомдун *жогорку органы* болуп катышуучулардын чогулушу эсептелет, ал эми учурдагы башкарууну шайлануучу аткаруучу орган ишке ашырат. Жоопкерчилиги чектелген коом анын бардык катышуучуларынын чечими менен акционердик коомго же өндүрүш кооперативине өзгөрүшү мүмкүн.

5. **Кошумча жоопкерчиликтүү коом** - уставдык капиталы үлүштөргө бөлүнгөн, анын өлчөмү уюштуруу документтери менен аныкталган бир же бир-нече жактардан түзүлгөн коом. Мындай коомдун катышуучулары анын милдеттенмелери боюнча кошкон салымынын өлчөмүнө карай эселеп баары бирдей (солидарно) түрдө субсидиардык жоопкерчилик тартат. Кошумча жоопкерчиликтүү коомго ЖКтин жоопкерчилиги чектелген коомдор жөнүндө эрежелери колдонулат.

6. **Акционердик коом -** уставдык капиталы аныкталган сандагы акцияларга бөлүнгөн коом; акционерлер коомдун милдеттемелери боюнча жооп бербейт жана коомдун ишмердигине байланышкан чыгымдардын тобокелчилигин өзүнө тиешелүү акцияларынын баасынын өлчөмүндө алат.

*Акциялар* уставдык капиталдагы акционердин үлүшүн тастыктайт. Жөнөкөй акциялар коомду башкарууга катышууга укук берет. *Артыкчаланган (привелегированные)* акциялар коомду башкарууга катышууга укук бербейт, бирок так аныкталган өлчөмдо дивидент алууга, ошондой эле коом жоюлгандан кийин арткан мүлктүн бөлүгүн алууга укук берет.

Акционердик коомдун *жогорку органы* болуп катышуучулардын жалпы чогулушу эсептелет. Учурдагы башкарууну шайлануучу аткаруучу орган ишке ашырат. Акционерлердин саны 50дөн ашкан коомдо байкоочу кеңешин (директорлор кеңешин) түзүүгө милдеттүү. Акционердик коом акционерлеринин жалпы чогулушунун чечими менен жоопкерчилиги чектелген коомго же өндүрүштүк кооперативине өзгөрүшү мүмкүн.

**7. Ачык жана жабык акционердик коомдордун айрымачылыгы:**

● жабык акционердик коом акцияларын ачык өндүрө (эмиссия) албайт;

● жабык коомдо, акционерлердин коомдун акцияларын сатып алуу артыкчылык укугу болот;

● жабык коомдо акционерлердин саны 50дөн ашык болушу мүмкүн эмес.

● ачык акционердик коомдун уставдык капиталынын эң төмөн өлчөмү – эң төмөн эмгек акысынын 1000 эсе өлчөмүнөн, ал эми жабык АК – 100 эсе өлчөмдө;
● ачык акционердик коом өзүнүн жылдык отчетун эл алдына жарыялап туруууга милдеттүү;
Ар кандай эле акционердик коом акционерлердин тизмесин түзүүгө милдеттүү.
Эгерде каржы жылынын аягында коомдун таза активдеринин баасы, аныкталган уставдык капиталдын эң төмөн өлчөмүнөн аз болуп кетсе акционердик коом жоюлат.
Туунду жана көз каранды коомдор юридикалык жактардын өз алдынча уюштуруу-укуктук формасы болуп саналбайт.

## 19. Коммерциялык эмес уюмдар

1. ***Керектөө кооперативи***
2. ***Фонд***
3. ***Мекеме***
4. ***Коомдук жана диний уюмдар (бирикмелер)***
5. ***Юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациялар жана союздар)***

Жарандык кодексте дээрлик бардык коммерциялык эмес уюмдардын укуктук абалы жөнгө салынбайт, анткени коммерциялык эмес уюмдардын уюштуруу-укуктук формалары башка мыйзамдар менен да аныкталышы мүмкүн.
**1. Керектөө кооперативи** – катышуучулардын материалдык жана башка муктаждыктарын канааттандыруу максатында анын мүчөлөрүнүн мүлктүк пайлык салымдарын бириктирүү жолу менен ишке ашырылган, мүчөүккө негизделген жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу бирикмеси. Кооперативдин чыгымдары пайда болгон учурда анын мүчөлөрү кошумча салым жолу менен төлөөгө милдеттүү. Кооперативдин мүчөлөрү анын карыздары боюнча кошумча салымды төлөбөгөн бөлүгүнүн алкагында кошумча жоопкерчилик тартат.
**2. Фонд** – ыктыярдуу мүлктүк салымдардын негизинде жарандар жана юридикалык жактар тарабынан түзүлгөн, социалдык, мээримдүүлүк, маданий, билим берүү жана башка коомдук пайдалуу максаттарды көздөгөн, мүчөлүгү жок коммерциялык эмес уюм.
**3. Мекеме** – менчик ээси тарабынан башкаруу, социалдык-маданий жана башка коммерциялык эмес мүнөздөгү функцияларды аткаруу үчүн түзүлгөн

жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай каржыланган уюм. Мекеме ага бекитилген мүлккө карата оперативдик башкаруу укугуна ээ. Мекеме өз милдеттенмелери боюнча анын тескөөсүндөгү акча каражаты менен жооп берет. Ал каражат жетпей калган учурда анын милдеттенмелери боюнча тийиштүү мүлктүн ээси субсидиардык жоопкерчилик тартат.

**4. Коомдук жана диний уюмдар (бирикмелер)** – мыйзам тарабынан аныкталган тартипте, алардын кызыкчылыктарынын жалпылыгына негизделген руханий же башка материалдык эмес муктаждыктарын канааттандыруу үчүн түзүлүүчү жарандардын ыктыярдуу бирикмеси.

**5. Юридикалык жактардын бирикмеси (ассоциациялар жана союздар) –** Алардын ишмердигин координациялоо үчүн юридикалык жактар тарабынан түзүлүүчү коммерциялык эмес уюмдар. Коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдар бири-бири менен чогуу ассоциацияларды же союздарды түзө алышпайт.

## 20. Мамлекеттин жана муниципалдык мекемелердин жарандык-укуктук мамилелерге катышуусу

***1. Катышуусунун өзгөчөлүгү***
***2. Казына***

1. Мамлекеттин жана муниципалдык мекемелер жарандык укуктук мамилелерге жарандык укуктун башка субъектилери менен барабар эле катышат.

Мамлекеттин жана муниципалдык мекемелердин жарандык жүгүртүүгө катышуусунун өзгөчөлүгү:

Алар өздөрүнүн коомдук-өкүмдар ыйгарым укуктарын колдонушпайт;

Алар катышкан мамилелерге юридикалык жактарга колдолулуучу нормалар колдонулат эгер мыйзамда башкача каралбаса же ушул субъекттердин өзгөчөлүгүнөн башкача келип чыкпаса;

Аталган субъекттердин атынан укуктарды жана милдеттерди алардын органдары же атайын ыйгарым укуктуу жарандар же юридикалык жактар алышат;

Бул субъекттер кээ-бир аларга таандык мамилелерге катышат, т.а. кээ-бир жараксыз бүтүмдөрдөн алынган кирешелерди Кыргыз Республикасынын пайдасына тартып алуу, мажбурлаган бүтүмдөрдөн, тарыхий жана маданий эстеликтерди мажбурлап сатып алуудан, менчиктештирүүдөн;

Өзүнүн милдеттенмелери боюнча алар бардык мүлкү менен жооп берет, унитардык ишканаларга бекитилген же жүгүртүүдөн чыгарылган мүлктөрдөн башкасы;
Жалпы эреже боюнча аталган субъекттер бири-биринин милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартышпайт;
Алар өздөрүнүн органдарынын жана кызмат адамдарынын мыйзамсыз аракеттери боюнча жоопкерчилик тартат;
2. Кыргыз Республикасынын, муниципалдык мекемелердин мүлкүнүн ичинен казынаны бөлүп карайт, б.а. мамлекеттик жана муниципалдык унитардык ишкана жана уюмдардын ортосунда бөлүштүрүлбөгөн мүлктөр.

## 3 - Бөлүм. Жарандык укуктун объектилери

### 21. Жарандык укуктун объектилеринин түшүнүгү жана түрлөрү

1. ***Жарандык укуктун объектилеринин түшүнүгү***
2. ***Жарандык укуктун объектилеринин түрлөрү***

1. Жарандык укуктун объектилери – бул жарандык укуктук мамилелер эмне себептен келип чыккан болсо жана эмнеге багытталган болсо ошолор.
2. Жарандык укуктун объектилеринин кийинки түрлөрүн айрымалайт:
Буюмдар, аларга кошо акчалар жана баалуу кагаздар;
Башка мүлктөр, анын ичинде мүлктүк укуктар;
Жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр;
Маалымат;
Акыл-эс эмгегинин натыйжалары, анын ичинде аларга карата өзгөчө укуктар (интеллектуалдык менчик);
Матеиалдык эммес баалуулуктар.
Жарандык укуктун объектилери жүгүртүүгө жөндөмдөмдүүлүгүнө карай кийинкидей бөлүнөт:
Жүгүртүүдөн чыгарылган объекттер, аларды сатууга жол берилбейт. Мындай объекттер мыйзамда түздөн-түз көрсөтүлүшү керек (мисалы, ядролук курал);
Оборотто чектелген объекттер, алар белгилүү обороттун катышуучуларына гана таандык болушу мүмкүн же алардын оборотто болуусуна атайын уруксат менен жол берилет (мисалы, ок атуучу курал). Мындай объекттер мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте аныкталат;
Эркин айлануудагы объекттер, аларга универсалдуу укук мурастоочулук тартибинде же башка ыкма менен эркин ээлик кылса болот (мурастоо, юридикалык жакты кайра түзүү).

## 22. Буюмдар жарандык укуктун объектиси катары

1. ***Буюмдардын жарандык укуктун объектиси катары түшүнүгү***
2. ***Буюмдардын классификациясы***
3. ***Акча буюмдардын өзгөчө түрү катары***

1. Буюмдар – бул айлана чөйрөдөгү материалдык объекттер, алар тууралуу жарандык укуктар жана милдеттер пайда болот.

2. Буюмдардын классификациясы:

Кыймылсыз мүлктөр: жер тилкелери, кыртыш тилкелери, обочолонгон суу объектилери жана бардык жер менен тыгыз байланышкан нерселер, б.а. аларды жылдырууда чарбалык багытына тең өлчөмдүү чыгымсыз мүмкүн болбогон объекттер, ошондой эле мыйзам боюнча кыймылсыз мүлктөргө кошулган башка мүлк (мисалы, деңиз жана аба кемелери, ички суу каттам кемелери, космостук объекттер); кыймылсыз мүлктөргө укуктар, бул укуктарды чектөө, алардын өтүшү, жана айрым учурларда мындай мүлктөргө карата бүтүмдөр мамлекеттик каттого жатат.

Каттоону ишке ашыруучу органдары, шарттары жана тартиптери "*Кыймылсыз мүлктөргө укуктарды жана аларга карата бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо жөнүндө*" мыйзамда аныкталат.

Кыймылсыз мүлктүн өзгөчө түрү – ишкана, б.а. ишкердүүлүккө колдонулуучу мүлктүк комплекс. Ишкананын курамына буюм кана эмес, мүлктүк укуктар, карыздар, юридикалык жактын мүлктүк эмес укуктары, продукциялары жана башка өзгөчө укуктары да кирет.

Кыймылдуу мүлктөр, булар мыйзам боюнча кыймылсыз мүлктөргө кошулбаган мүлктөр:

Бөлүнүүчү буюмдар;

Бөлүнбөс буюмдар, алардын багытын өзгөртпөй туруп бөлүүгө мүмкүн болбогон буюмдар (мисалы, искусство чыгармасы);

Жөнөкөй буюмдар;

Татаал буюмдар, ар түрдүү предметтерден куралган, бир бүтүндүктү жараткан, бир максатта колдонууга багытталган буюмдар (мисалы, автомобиль);

Башкы буюм;

Таандык буюм, ал башкы буюмга кызмат кылуу үчүн багышталган жана анын тагдырына шайкеш болот (мисалы, кайыктын калагы).

Жекече-аныкталган буюм, аны бир катар башка буюмдардан ажыратууга мүмкүндүк берген, жеке белгилери менен мүнөздөлгөн буюм.

Тектүү белгилери менен аныкталуучу буюмдар: салмагы, саны, өлчөмү менен;

Керектелүүчү буюмдар, аларды бир жолку пайдалануудан кийин жок болуучу (күючү май, азык-түлүк продуктулары жана башкалар);

Керектелбөөчү буюмдар, булар бир жолку колдонуудан жок болбойт (станоктор, машиналар ж.б.).

Мүлктөн мөмөлөр, продукциялар жана кирешелер өзгөчө бөлунүп турат, алар жалпы эреже боюнча мүлктү мыйзамдуу пайдаланып жаткан жакка тиешелүү болот.

3. Буюмдардын өзгөчө түрү – акча, ал наркы боюнча кабыл алууга милдеттүү болгон, мыйзамдуу эсептешүү каражаты болот. Кыргыз Республикасында мындай каражат болуп сом эсептелет.

## 23. Баалуу кагаздардын түшүнүгү, ажыратуучу белгилери жана классификациясы

***1. Баалуу кагаздын түшүнүгү***

***2. Баалуу кагаздын ажыратуучу белгилери***

***3. Баалуу кагаздардын классификациясы***

1. Баалуу кагаз – аныкталган форманы жана милдеттүү реквизиттерди сактоо менен мүлктүк укуктарды тастыктоочу, аны ишке ашыруу жана өткөрүп берүү көрсөтүү менен гана мүмкүн болгон документ.

2. Бардык баалуу кагаздар жарандык укуктун көз карашы боюнча буюмдардын өзгөчө тобу катары саналат.

**Баалуу кагаздардын белгилери:**

**Кагаздын жана ага таңууланган укуктун тыгыз байланышы.** Баалуу кагаз – буюм жана ага карата менчик укугу бар; ал эми баалуу кагаздан келип чыккан укук, милдеттенме жана корпоративдик мүнөзгө ээ. Адатта укук баалуу кагаздын тагдырына байланыш болот, демек, ким кагазга карата менчик укугуна ээ болсо, ошол андан келип чыккан милдеттенме жана корпоративдик укукка ээ болот;

**Литералдуулук.** Баалуу кагаз жазуу түрүндө толтурулушу зарыл (бул эреже документардык эмес баалуу кагаздарга тиешеси жок) ;
**Тыкыр формалдуу мүнөз.** Баалуу кагаз белгилүү формалдуу реквизиттерди камтышы керек, алардын жоктугу же баалуу кагаздын ага аныкталган формага дал келбеши анын жараксыздыгына алып келет;
Баалуу кагаздан келип чыккан **укуктун субъектин легитимдөө (белгилөө),** б.а. баалуу кагаз, ал боюнча аткарууну кабыл алууга ыйгарым укуктуу жакка белгилүү көрсөтмөлөрдү камтышы зарыл;
Анда күбөлөндүрүлгөн укукту ишке ашыруу үчүн милдеттүү жактын **баалуу кагазды көрсөтүү зарылдыгы**;
**Абстракттуу мүнөз.** Баалуу кагаздан келип чыккан укук, анын келип чыккан себебинен көз каранды эмес, ошондуктан жараксыз бүтүм боюнча берилген баалуу кагаз анын жараксыздыгына алып келбейт;
**Баалуу кагазда белгиленген укуктун автономдуулугу** – ал алдыңкы ээсинин укугуна көз каранды эмес жана баалуу кагазды алуучуга анда кандай белгиленсе ошол боюнча өтөт. Баалуу кагазды кармоочуга анын алдыңкы ээсинин мамилелерине негизделген доомattар коюлушу мүмкүн эмес;
Баалуу кагаздын түрлөрү мыйзам боюнча гана аныкталат.
**3. Баалуу кагаздардын классификациясы.** Баалуу кагаздан келип чыккан укуктун субъектин легитимдөө (белгилөө) ыкмасы боюнча:
**Көрсөтүлмө** баалуу кагаздар – мындай баалуу кагаз боюнча укуктун ишке ашырылышын бардык эле аны кармоочу талап кыла алат. Көрсөтүлмө баалуу кагазда бекитилген укуктардын өтүшү кагазды жөнөкөй өткөрүп берүү аркылуу ишке ашырылат;
**Аты жазылуучу баалуу кагаздар** – мындай баалуу кагазда бекитилген укуктун ээси анда көрсөтүлгөн жак эсептелет. Аты жазылуучу баалуу кагаздарды өткөрүп берүү талап кылуу укугун өткөрүп берүү (цессия) жолу

менен ишке ашырылат. Бул учурда өткөрүп берүүчү укуктун жараксыздыгы үчүн жооп берет, бирок карызкордун өз милдеттерин аткарбагандыгы үчүн жооп бербейт. Айрым учурларда атайын реестрде тийиштүү жазууларды киргизүү талап кылынат (мисалы, акционердик коомдун акционерлеринин реестри);

**ордердик баалуу кагаздар**, булар боюнча укук анда аталган жакка таандык. Мындай жак ал укуктарды өзү ишке ашырат же өзүнүн буйругу менен башка ыйгарым укуктуу жакка ыйгарат; Ордердик баалуу кагаздар боюнча укуктарды өткөрүп берүү, ушул кагазга өткөрүп берүүчү жазууну аткаруу менен ишке ашырылат – индоссамент. Индоссант (индоссамент жасаган жак) болгон укуктарга гана эмес анын ишке ашырылышы үчүн да жоопкерчилик тартат.

Индоссаменттин түрлөрү:

Ордерлүү, анда индоссаттын (укук өткөрүлүүчү жактын) аты көрсөтүлөт;

Бланктуу – индоссаттын атын көрсөтпөйт, ал өз атын жазышы да мүмкүн же баалуу кагазды жөнөкөй эле өткөрүп берет;

## 24. Баалуу кагаздардын айрым түрлөрү

1. ***Акция***
2. ***Облигация***
3. ***Вексель***
4. ***Чек***
5. ***Коносамент***

**1. Акция** – баалуу кагаз, ал акционердин акционердик коомду башкарууга болгон укугун күбөлөндүрөт (артыкчаланган акцияларды кошпогондо), коомдун кирешесинин бир бөлүгүн алууга жана коом жоюлгандан кийин арткан мүлктүн тиешелүү бөлүгүн алууга укук берет.

Акцияларды чыгаруу укугуна акционердик коом гана ээ. Акциялар документардык жана документарсыз формада чыгарылышы мүмкүн. “Акционердик коомдор жөнүндө” мыйзам аты жазылуучу акцияларды чыгарууга укук берет.

Жөнөкөй акциялар менен катар артыкчылыктуу акциялар да болот, алар анын ээсине коомду башкарууга укук бербейт, бирок башка акционерлерден артыкчаланган туруктуу дивидент алууга жана коом жоюлганда арткан мүлктүн бөлүгүн алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

**2. Облигация** – баалуу кагаз, анын ээсине облигация чыгаруучудан анда каралган мөөнөттө облигациянын номиналдык наркын же мүлктүк эквивалентин алууга укук берет, ошондой эле номиналдык наркынан анда белгиленген пайызын, же башка мүлктүк укук алууга укук берет.

Облигациялар төмөндөгүдөй болушу мүмкүн:
Аты жазылуучу же көрсөтүлүүчү;
Мамлекеттик же мамлекеттик эмес;
Кыска мөөнөттүү же узак мөөнөттүү.

**3. Вексель** - бул вексель берүүчүнүн же башка төлөөчү катары көрсөтүлгөн жактын аныкталган мөөнөтү келгенде шартталган акчанын суммасын төлөп берүүгө эч нерсе менен шартталбаган милдеттенмесин күбөлөндүрөт.

Вексельдин түрлөрү:
Жөнөкөй вексель, вексельберүүчүнүн өзүнүн милдеттенмесин күбөлөндүрөт;
Которулуучу вексель (тратта), бул боюнча төлөөчү катары вексельберүүчү эмес, үчүнчү жак катышат. Үчүнчү жактын милдеттемеси вексельдин акцептин (төлөөгө макулдугу жөнүндө, ушул жактын колу коюлган вексельдеги белги) аткарган учурдан тартып пайда болот.

Вексельдердин айлантууга киргизилиши, ошондой эле аларга коюлуучу талаптар негизинен “которулуучу жана жөнөкөй вексель жөнүндө” Жобо менен жөнгө салынат.

Вексель – тыкыр формалдуу документ, жана Жободо көрсөтүлгөн зарыл болгон бир эле реквизиттин жок болушу, вексельдин жараксыздыгына алып келет.

Вексель аты жазылуучу, о.э. көрсөтүлүүчү же ордердик болушу мүмкүн.

Вексель боюнча төлөм, вексельдик тапшырма (аваль) аркылуу толук же жарым-жартылай камсыз болушу мүмкүн.

**4. Чек** – эч нерсе менен шартталбаган чек берүүчүнүн банкка анда көрсөтүлгөн сумманы чек кармоочуга төлөп берүү тапшырмасы. Төлөп берүүчү катары банк гана көрсөтүлүшү мүмкүн, анда чек берүүчүнүн каражаты болуп аны чек жазып берүү менен тескөө укугу болушу шарт. Чектердин айланышы КР ЖК менен жөнгө салынат. Чек - тыкыр формалдуу документ, жана ЖК көрсөтүлгөн зарыл болгон бир эле реквизиттин жок болушу, чектин жараксыздыгына алып келет.

Акча милдеттенмесин аткаруу үчүн жазылып берилген чек ал милдеттенмеден бошотпойт, мисалы, эгер банк чек боюнча төлөбөгөн учурда чек кармоочунун чекберүүчүдөн карызды төлөп берүүнү талап кылуу укугу сакталат.

Чек аты жазылуучу, ордерлүү жана көрсөтүлүүчү болушу мүмкүн. Аты жазылуучу чек башка жакка берилиши мүмкүн эмес.

Эсептешүү чеги да болушу мүмкүн, ал боюнча төлөм накталай эмес формада гана жүргүзүлөт.

5. **Коносамент** – товарды тескөө документи, ал деңиз жүк ташуусун жол жоболоштурат жана аны кармоочуга деңиз ташуучусунан коносаментте көрсөтүлгөн жүктү алып аны тескөөгө укук берет.

Мындан башка да баалуу кагаздар болот: депозиттик жана сактык сертификаттары, банктык сактык китепчеси ж.б.

## 25. Жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр жарандык укуктун объектиси катары. Коммерциялык же кызматтык сыр.

1. ***Жумуш жана кызмат көрсөтүүлөр жарандык укуктун объектиси катары***
2. ***Коммерциялык же кызматтык сыр***

1. Жарандык укуктар көбүнчө адамдардын түздөн-түз жумуштары же кызмат көрсөтүүлөрү формалары аркылуу билинген аракеттеринен келип чыгат. Алардын ортосундагы айрыма төмөндөгүдөй:

**Жумуш** дайыма кандайдыр-бир материалдык баалуулукту (мисалы, турак жай курулушу) жаратууну көздөйт, ал эми

**Кызмат көрсөтүү** мындайга багытталбайт (юридикалык, медициналык, техникалык жана башка кызматтарды көрсөтүү).

2. Коммерциялык же кызматтык сыр – бул төмөндөгү белгилерди камтыган маалымат:

Үчүнчү жактарга белгисиздигинин натыйжасында учурдагы же потенциалдуу коммерциялык баалуулук;

Аны эркин алуу жолу жоктугу;

Анын ээси анын купуялуулугун сактоо үчүн чараларды көрөт.

Өзгөчө укуктар жана материалдык эмес баалуулуктар жарандык укуктун объектилери катары ушул окуу китебинин тийиштүү бөлүмдөрүндө кеңири каралат.

## 4 – Глава. Жарандык укуктук мамилелердин келип чыгуу, өзгөртүү жана токтотуу негиздери. Бүтүмдөр

### 26. Жарандык укукта юридикалык фактылар

1. *Түшүнүгү*
2. *Юридикалык фактылардын түрлөрү*

1. Жарандык укуктук мамилелердин келип чыгуу, өзгөртүү жана токтотуу негиздери болуп **юридикалык фактылар** эсептелинет – реалдуу чындыктагы кубулуштар, укуктун нормалары алардын пайда болушу менен жарандык укуктардын жана милдеттердин келип чыгуусун, өзгөрүшүн же токтотулушун байланыштырат.

2. Юридикалык фактылардын кийинкидей түрлөрү болот:

Келишимдер жана башка бүтүмдөр;

Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын актылары (мисалы, турак жайга ордер);

Соттук чечимдер;

Мыйзамга негизделген мүлккө ээлик кылуу негиздери;

Интеллектуалдык ишмердиктин натыйжаларын жаратуу (илимий, искусство чыгармалары, ойлоп табуу ж.б.);

Зыян келтирүү;

Негизсиз баюу;

Окуя аны менен мыйзам же башка укуктук акт жарандык укуктук мамилелердин келип чыгуусун, өзгөрүүсүн жана токтотулушун байланыштырат;

Мыйзамда жана башка укуктак актыларда каралбаса да бирок, жарандык мыйзамдардын жалпы башталышы жана маңызы боюнча жарандык укукту жана милдетти пайда кылган жарандардын жана юридикалык жактардын башка аракеттери.

### 27. Юридикалык фактыларды классификациялоо

***1.Окуялар***

***2. Аракеттер***

Юридикалык фактылардын болуусуна адамдардын эркинин таасир этүүсүнө карай окуяларга жана аракеттерге бөлүп карашат.

1. Окуялар – бул адамдардын эркине баш ийбеген айлана чөйрөнүн кубулуштары.

Окуялар абсолюттук жана салыштырмалуу болушат. Абсолюттук окуялардын болуусу гана эмес алардын пайда болуусу да адамдардын эркине көз каранды эмес (мисалы, ар кандай жаратылыш кубулуштары: жер

титирөө, чагылган, көчкү жүрүү ж.б.). Салыштырмалуу окуялар алардын пайда болуусуна адамдардын эрктүү ишмердигинин таасири бар (мисалы, атайын өртөө ж.б.).

2. Аракеттер – бул адамдардын эрки менен пайда болуучу жана болуп өтүүчү айлана чөйрөнүн кубулуштары.

Аракеттер укуктук ченемдерге ылайык келүүсүнө карай укук ченемдүү (мисалы, мыйзамдуу мүлктү сатып алуу) жана укукка каршы (мисалы, залал келтирүү же негизсиз баюу).

Укук ченемдүү актылар юридикалык актыларга жана юридикалык жоруктарга бөлүнөт.

Юридикалык жоруктар аларды жасаган жактардын ыктыярына карабастан жарандык укуктардын жана милдеттердин пайда болуусуна алып келет (мисалы, искусство чыгармаларын жаратуу автоматтык түрдө автордо автордук укуктардын жыйындысы пайда болушуна алып келет).

Юридикалык актыларды жасоо, тескерисинче, түздөн-түз жарандык укуктарды пайда кылуу максатын көздөйт. Юридикалык актыларды жасоодо бүтүмдөрдү жарандык укуктагы юридикалык актылардын кеңири тараган түрү катары өзүнчө бөлүп карайт.

## 28. Юридикалык курамдар

1. ***Түшүнүгү***
2. ***Түрлөрү***

1. Юридикалык курам – бул жарандык укуктардын жана милдеттердин пайда болуусуна алып келген юридикалык фактылардын жыйындысы. Милдеттенмени мөөнөтүндө аткарбаган деп милдеттүү түрдө эки шарт болгондо гана айтабыз: милдеттенмени аткаруу мөөнөтү келип жеткенде жана карызкор тарабынан милдеттенмеде каралган аракеттерди жасабай коюу.
2. Юридикалык курамдар жөнөкөй жана татаал болушат. Экинчи учурда бардык талап кылынган фактылардын болуусу гана эмес, о.э. алардын ырааттуулугу да мааниге ээ (мисалы, мүлктүн мурас боюнча өтүүсү үчүн, алгач мурас калтыруучунун өлүмүнүн болуусу андан кийин мураскер мурасты кабыл алуу боюнча аракеттерди жасашы).

**29. Бүтүмдөрдүн түшүнүгү жана негизги белгилери**

1. ***Бүтүмдүн түшүнүгү***
2. ***Бүтүмдөрдүн негизги белгилери***

1. Бүтүмдөр – бул жарандардын жана юридикалык жактардын жарандык укуктарды жана милдеттерди аныктоого, өзгөртүүгө же токтотууга багытталган аракеттери.

2. Бүтүмдөрдүн негизги белгилери төмөндөгүлөр:

Бүтүм – бул укук ченемдүү аракет;

Бүтүм – белгилүү укуктук натыйжага жетүүгө багытталган эрктүү аракет.

Эрктин сырткы кабылдоого мүмкүн болгон формасы, эрк билдирүү деп аталат.

Эрк оозэки, кат түрүндө, конклюденттик аракеттердин жардамында (коомдук транспортто жүргүнчүнүн акын төлөө үчүн абонементтик талонду компосттоо), унчукапай коюу менен (мисалы, эгер арендага берүүчү каршы болбосо, арендатор арендага алган боюмду пайдаланууну келишимдеги мөөнөтү бүткөнүнө карабастан улантса).

Бүтүм жарандык укуктарды жана милдеттерди пайда кылуу түрүндө ар дайым укуктук максатка жетүүгө багытталат. Белгилүү бүтүмдөргө мүнөздүү укуктук максат бүтүмдүн негизи деп аталат (мисалы, соода-сатык келишиминин негизи болуп, ар дайым акы төлөмү үчүн мүлккө карата менчик укугунун башка жакка өтүшү).

Бүтүмдүн негизинен анын укуктук натыйжасын айрымалоо керек – б.а. бүтүмдү жасоонун жыйынтыгы менен келип чыккан реалдуу натыйжа. Жарамдуу бүтүмдөргө укуктук негизи менен натыйжасынын дал келиши мүнөздүү.

**30. Бүтүмдөрдүн түрлөрү**

1. ***Бир тараптуу, эки тараптуу жана көп тараптуу***
2. ***Каузалдуу жана абстрактуу бүтүмдөр***
3. ***Акы төлөнүүчү акы төлөнбөөчү***
4. ***Консенсуалдуу жана реалдуу бүтүмдөр***
5. ***Шарттуу бүтүмдөр***

**1.** *Тараптарынын санына карай* бүтүмдөр бир тараптуу (керээз), эки тараптуу (соода-сатык, аренда келишимдери) жана көп тараптуу келишимдер (мисалы, үч жактын ортосундагы биргелешип ишмердик жүргүзүү жөнүндө келишим). Бүтүмдүн тараптарынын санын, бир тараптан катышкан жактардын көптүүлүгү менен адаштырбаш керек, мында, мисалы,

соода-сатык келишими боюнча бир тарап (сатуучу) болуп саналып бир нече менчик ээлери жалпы менчиктеги мүлктү сатышат.

**2.** *Бүтүмдөрдүн анын негизи менен байланыш деңгээлине карай* каузалдуу жана абстрактуу болуп бөлүнөт. Каузалдуу бүтүмдүн мыйзамсыздыгы жана анын укуктук максатына жетүүгө мүмкүн эместиги анын жараксыздыгына алып келет. Абстрактуу бүтүмдөр анын негизинен ажыраган (мисалы, вексель, аны берүүдө түзүлгөн бүтүмдүн жарамдуулугуна көз каранды эмес).

**3**. Бүтүмдөрдүн бир тарабынын милдеттери экинчи тараптын кайчы милдеттерине дал келүүсүнө карай

**4.** Эгер бүтүмдү түзүү үчүн тараптардын макулдашуусу гана жетиштүү болсо бул – консенсуалдуу бүтүм. Эгерде бүтүмдүн предмети болгон мүлктү да өткөрүп берүү талап кылынса, анда бул – реалдуу бүтүм.

**5.** Айрым бүтүмдүн тараптарынын укук жана милдеттеринин жаралышы, кандайдыр-бир, анын болуусу же болбосу белгисиз фактка байланышкан бүтүм бул – шарттуу бүтүм.

## 31. Бүтүмдүн жарамдуулук шарттары

1. ***Жарамдуу бүтүмдүн түшүнүгү***
2. ***Тийиштүү субъекттик курамдын болуусу***
3. ***Эрктин жана эрк билдирүүнүн дал келиши***
4. ***Бүтүмдүн формасын сактоо***
5. ***Бүтүмдүн мазмунунун мыйзамдуулугу***

**1. Бүтүмдүн жарамдуулугу** анын мыйзам талаптарына ылайык келүүсүн түшүндүрөт жана акыбетинде – тараптар аны түзүп жатканда көздөгөн укуктук натыйжаны жаратуу мүмкүнчүлүгү.

Бүтүмдүн жарамдуулук шарттары 4 топко бөлүнөт:

● тийиштүү сбъекттик курамдын болуусу;
● эрк билдирүүнүн тараптардын чыныгы эркине дал келүүсү;
● бүтүмдүн формасын сактоо;
● бүтүмдүн мазмунунун мыйзамдуулугу;

2. Тийиштүү субъекттик курамдын болуусу биринчиден физикалык жактардын аракетке жөндөмдүүлүгүнүн, экинчиден юридикалык жактардын укукка жөндөмдүүлүгүнүн болуусун түшүндүрөт.

КР ЖКнин 61,63,65 беренелеринде жарым-жартылай аракетке жөндөмдүү жана аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандар түзө ала турган бүтүмдөрдүн тизмеси аныкталган. Юридикалык жактар алардын уставдык

документтериде аныкталган ишмердигинин максатына ылайык келген жана уставдык документтеринде түздөн-түз тыюу салынбаган гана бүтүмдөрдү түзө алат.
Андан тышкары, кээ-бир бүтүмдөр компетенттүү органдар тарабынан берилген, атайын уруксат (лицензия) менен түзүлөт.
3. Эрк билдирүүнүн тараптардын чыныгы эркине дал келбеши же эрктин эркин эмес түптөлүшүнөн (жалгандын таасири менен олуттуу адашуудан), же жактын бүтүм түзүүгө такыр ниети жоктугу, мында эрк билдирүү зомбулуктун таасиринен, коркутуу, оор жагдайлардын келиши менен түзүлөт.
Бүтүмдүн формасын сактабоо. Бүтүмдүн үч формасы болот: оозэки, жазуу түрүндө жана нотариалдык.
Алар үчүн башка форма каралбаган, бардык бүтүмдөр оозеки түзүлүшү мүмкүн.
Эгер, бүтүмдүн жок эле дегенде бир тарабы юридикалык жак болсо же бүтүмдүн суммасы эсептик көрсөткүчтөн он эсе жогору болсо бүтүмдүн жазуу түрүндөгү формасы милдеттүү.
Бүтүмдү нотариалдык күбөлөндүрүү зарылдыгы мыйзам менен же тараптардын макулдашуусу менен аныкталышы мүмкүн. Айрым бүтүмдөр үчүн (кыймылсыз мүлккө карата бүтүмдөр)  милдеттүү мамлекеттик каттоо аныкталган.
4. Бүтүмдүн мазмунунун мыйзамдуулугу. Ушул шартты бүтүмдүн өзүнүн мыйзамдуулугунан айрымалаш керек, ал кеңири маанисинде анын жарамдуулугун түшүндүрөт.

## 32. Жараксыз (эч нерсеге татыбаган жана талаш) бүтүмдөр

***1. Жараксыз бүтүмдөрдүн түшүнүгү***
***2. Талаш жана эч нерсеген татыбаган бүтүмдөр***

1. Жараксыз бүтүм – бул тараптар үчүн каалагандай укуктук натыйжага алып келбейт, белгилүү шарттарда тараптар үчүн жагымсыз натыйжанын пайда болушуна алып келет.
Жараксыз бүтүмдү түзүлбөгөн бүтүмдөн айрымалоо зарыл, анткени акыркысы зарыл элементтердин жоктугуна байланыштуу такыр юридикалык факт болуп эсептелинбейт жана эч кандай укуктук натыйжага алып келбейт.
2. Жараксыз бүтүмдөр, талаш жана эч нерсеген татыбаган бүтүмдөр болуп бөлүнөт. Алардын ортосундагы айрымачылык кийинкилер:

Талаш бүтүмдөр сот тарабынан ушундай деп таанылгандыгы үчүн жараксыз, ал эми **эч нерсеге татыбаган** бүтүмдөр мындай таанууга байланыштуу эмес;
Талаш бүтүмдү жараксыз деп табуу жөнүндө талапты ЖК көрсөтүлгөн гана жактар кое алышат, ал эми талаш бүтүмдүн жараксыздыгынын акыбети ар кандай кызыкдар тараптардын доосу менен же соттун демилгеси менен колдонулушу мүмкүн;
**эч нерсеге татыбаган** бүтүм түзүлгөн учурдан тартып жараксыз, ал эми талаш бүтүмдөр сот тарабынан келечекте жараксыз деп табылышы мүмкүн жана соттун чечими чыгарылгандан баштап жараксыз деп эсептелет;

## 33. Бүтүмдөрдүн жараксыздыгынын негиздери жана укуктук натыйжалары

1. ***Бүтүмдөрдүн жараксыздыгынын жалпы жана атайын негиздери***
2. ***Бүтүмдүн мазмуну жөнүндө талаптарды бузуу***
3. ***Аны түзүүгө жөндөмсүз жак тарабынан түзүлгөн бүтүм***
4. ***Бүтүмдөрдүн формаларын же мамлекеттик каттоо талабын бузуу***
5. ***Эрк билдирүүнүн тараптардын чыныгы эркине дал келбеши***
6. ***Жараксыз бүтүмдөрдүн укуктук натыйжалары***

Бүтүм мыйзамда аныкталган негиздер менен гана жараксыз деп табылышы мүмкүн.
Бүтүмдүн жараксыздыгынын жалпы негиздери – бүтүмдүн мыйзамдын же башка укуктук актылардын талаптарына дал келбеши. Бул негиз боюнча бүтүмдөрдүн жараксыздыгы жөнүндө дагы башка нормалардын таасирине туура келбеген, мыйзамсыз бүтүмдөр жараксыз деп таанылат.
Атайын негиздер 4 топко бөлүнүшөт:
● бүтүмдүн мазмунуна карата талаптарды бузуу;
● аны түзүүгө жөндөмсүз жак тарабынан бүтүм түзүү;
● Бүтүмдөрдүн формаларын же мамлекеттик каттоо талабын бузуу;
● Эрк билдирүүнүн тараптардын чыныгы эркине дал келбеши.

**2. Бүтүмдүн мазмуну жөнүндө талаптарды бузуу** болуп, укуктук тартип жана нравалуулук негиздерине каршы бүтүмдөрдү атайын максат менен түзүү. Мындай бүтүмдөр коомдук укуктук тартипти атайылап бузгандыгы үчүн жараксыз деп таанылат. Анын катышуучулары үчүн катуу конфискациялык чаралар колдонулат.
**3. Аны түзүүгө жөндөмсүз жак тарабынан түзүлгөн бүтүм** кийинкилерге бөлүнөт, аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген

жарандар тарабынан түзүлгөн бүтүмдөр, жана юридикалык жактардын укук жөндөмдүүлүгүнөн ашып түзүлгөн бүтүмдөр.

Биринчи топко:

● Аракетке жөндөмсүз жарандар тарабынан түзүлгөн бүтүмдөр;

● жеткинчектердин бүтүмдөрү;

● 14төн 18ге чейинки куракта жашы жетелектердин бүтүмдөрү;

● сот тарабынан аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген жарандардын бүтүмдөрү;

● өз аракеттеринин маанисин түшүнбөгөн же аны жетектей албаган жарандардын бүтүмдөрү.

Юридикалык жак укук жөндөмдүүлүгүнөн ашкандыгына байланыштуу жараксыз бүтүмдөргө, юридикалык жак тарабынан өз укук жөндөмдүүлүгүнүн чектеринен чыгуу менен түзүлгөн бүтүмдөр, жана тийиштүү ишмердикти жүргүзүүгө лицензиясы жок юридиалык жактардын бүтүмдөрү (жеке ишкерлерге тийишелүү).

**4. Бүтүмдөрдүн жазуу, нотариалдык формаларын же мамлекеттик каттоо** жөнүндө талабын сактабай коюу бүтүмдүн жараксыздыгына алып келет. Бүтүмдүн жөнөкөй жазуу түрүндөгү формасын сактабай коюу, тараптарды бүтүмдү жана анын шарттарын тастыктоо үчүн күбөлөрдүн көрсөтмөсүнө таянуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат, бирок бүтүмдүн жараксыздыгына алып келбейт.

Жазуу формасы квалификацияланган деп саналат, качан аны сактабай коюу мыйзам боюнча бүтүмдүн жараксыздыгына алып келсе.

Бирок сот нотариалдык күбөлөндүрүүнү жана мамлекеттик каттоону талап кылган бүтүмдү жарактуу деп таап коюшу мүмкүн, эгер тараптардын бирөө аткарууну баштаса, ал эми экинчиси нотариалдык күбөлөндүрүүдөн же мамлекеттик каттоодон баш тартып жатса.

**5.** Эрк билдирүүнүн тараптардын чыныгы эркине дал келбешинин негизинде жараксыз деп кийинки бүтүмдөр саналат:

● күмөндүү жана жалган бүтүмдөр;

● жактын ыйгарым укугунда болуп турган чектөөлөрдү эске албай түзүлгөн бүтүмдөр;

● адашуунун таасиринде түзүлгөн бүтүмдөр;

● алдоонун, зомбулуктун, коркутуунун, бир тараптын өкүлүнүн экинчи тарап менен карасанатай макулдашуусу же оор жагдайлардын болушу.

Ага ылайык укуктук натыйжа жаратуу ниети болбостон түзүлгөн бүтүмдөр күмөндүү деп саналат, ал эми башка бүтүмдү калкалоо үчүн түзүлсө жалган бүтүм.

**6. Жараксыз бүтүмдөрдүн укуктук натыйжалары**. Жараксыз бүтүмдөр эч кандай юридикалык натыйжага алып келбейт. Бүтүмдүн жараксыздыгынын башкы акыбети – аны аткарууга жол берилбестиги.

Камкорчунун (ата-энесинин, асырап алуучунун) талабы боюнча сот аракетке жөндөмсүздөрдүн жана жашы жете электердин бүтүмдөрүн жарактуу деп табышы мүмкүн, эгер алар аракетке жөндөмсүз тараптын пайдасына түзүлсө.

Эгер мыйзамда башкача каралбаса, анда жараксыз бүтүмдүн ар-бир тарабы экинчи тарапка бүтүм боюнча бардык алгандарын кайтарып берүүгө милдеттүү. Бул - эки тараптуу реституция.

Кээ бир учурларда реституцияга жол берилбеши мүмкүн, б.а. бүтүм боюнча бардык алынган жана алына тургандар мамлекеттин кирешесине алынышы мүмкүн, же бир тараптуу реституция.

Айрым бүтумдөр боюнча жабырлануунучунун экинчи тараптан келтирилген реалдуу чыгымдын ага ордун толтуруп берүүгө болгон укугу каралган.

Бүтүмдүн бөлүгүнүн жараксыздыгы анын башка бөлүктөрүнүн жараксыздыгына алып келбейт, эгерде бүтүмдүн жараксыз бөлүгүн кошпой деле бүтүмдү түзүүгө мүмкүн болмок деген божомол болсо.

Негизги милдеттенменин жараксыздыгы адатта камсыздоочу милдеттенменин жараксыздыгына алып келет, бирок камсыздоочу милдеттенменин жараксыздыгы негизги милдеттенмени жараксыз кыла албайт.

## 3 – Бөлүм. Жарандык укуктарды ишке ашыруу жана коргоо

### 34. Жарандык укукту ишке ашыруунун жана жарандык милдеттерди аткаруунун түшүнүгү, принциптери жана чектери

1. ***Субъективдүү жарандык укукту ишке ашыруунун түшүнүгү***
2. ***Укуктан баш тартуу жана укукту ишке ашыруудан баш тартуу***
3. ***Жарандык укукту ишке ашыруунун ыкмалары***
4. ***Жарандык укукту ишке ашыруунун принциптери***
5. ***Жарандык милдеттерди аткаруу***
6. ***Жарандык укукту ишке ашыруунун чектери***

1. Субъективдүү жарандык укукту ишке ашыруу – бул ыйгарым укуктуу жак тарабынан ошол укуктун мазмуну болгон мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу.

2. Жалпы эреже боюнча субъекттин ага тиешелүү укуктан баш тартуусу ошол укуктун кыскарышына алып келбейт (мисалы, мүлктүн ээси ага

тиешелүү мүлктү колдонбошу мүмкүн, ошентсе да менчик укугунун токтотулушуна алып келбейт).
Аныкталган учурларда укугунан баш тартуу дагы юридикалык натыйжага алып келбейт (мисалы, шериктештиктен чыгуу жөнүндөгү толук шериктештиктин катышуучуларынын макулдашуусу жараксыз).

3. **Жарандык укукту ишке ашыруунун ыкмалары:**
Факт түрүндө – эч кандай укуктук натыйжага алып келбейт (мисалы, буюмду жөнөкөй колдонуу);
Юридикалык – белгилүү укуктук натыйжага алып келет (буюмга карата менчик укугунун башка тарапка өтүшү);
Укукту жеке өзүнүн аракети менен ишке ашыруу;
Укукту өкүлү аркылуу ишке ашыруу.

4. **Жарандык укукту ишке ашыруунун принциптери:**
Диспозитивдүүлүк принциби, б.а. жактын ага тиешелүү укуктарды өз алдынча ишке ашыруусу же ишке ашыруудан баш тартуусуна чейин;
Укукту тоскоолдуксуз ишке ашыруу принциби – ыйгарым укуктуу жак өз укуктарын ишке ашырууда эч ким кийлигишүүгө укугу жок;
Акылга сыйымдуулук жана акниеттүүлүк принциби
Мыйзамдуулук принциби, б.а. укукту ишке ашыруунун мыйзам жол берген ыкмаларын жана тартиптерин колдонуу.

**5. Жарандык милдеттерди аткаруу –** бул милдетте камтылган талаптарды аткарууга багытталган аракет же аракетсиздик.
Милдеттенмени аткаруунун ыкмалары укукту ишке ашыруунун ыкмалары менен окшош. Милдеттенмени аткарууга жарандык укукту ишке ашыруунун прингциптери жайылтылат, алар милдеттенмени тийиштүү аткаруу принцибине баш ийишет, б.а. аткаруу мыйзамда же келишимде аныкталган шарттарга толук дал келиши керек.

6. **Жарандык укукту ишке ашыруунун чектери**
Башка жакка зыян келтирүү оюменен, ошондой эле укукту кыянаттык менен пайдалануунун башка формаларында жасалуучу жарандардын жана юридикалык жактардын аракеттерине жол берилбейт.
Жарандык укуктар мыйзамдын негизинде так аныкталган учурларда гана чектклиши мүмкүн.
Жарандык укуктарды ишке ашыруунун чектери:

Субъективдүү чектери (мисалы, мыйзамда аныкталган жарандардын аракетке жөндөмдүүлүгүн чектөө);

Убактылуу чектери (даттануу мөөнөтү, жарандык укукту ишке ашыруунун мөөнөтү);

Экономикалык чектери (конкуренция жана монополиялык ишмердүүлүктү чектөө боюнча нормативдик-укуктук актылары);

Социалдык чектери – укукка кыянаттык кылууга тыюу салуу. Укукка кыянаттык кылуу – бул, ыйгарым укуктуу жак билип туруп башка жакка зыян келтирүүгө баруу жолу менен субъективдүү укуктарды ишке ашыруу ыкмасы.

Укуктун чектеринен ашып кеткен учурда, сот ыйгарым укуктуу жаккка анын укугун коргоодон баш тартышы мүмкүн.

**35. Өкүлчүлүктүн түшүнүгү жана түрлөрү**

1. ***Өкүлчүлүктүн түшүнүгү***
2. ***Өкүлчүлүктүн белгилери***
3. ***Өкүлчүлүктүн түрлөрү***

**1. Өкүлчүлүк –** бул татаал жарандык-укуктук мамиле, ал боюнча бир жак (өкүл) андагы болгон ыйгарым укуктун негизинде үчүнчү жактар менен болгон мамилелерде башка жактын (өкүл коюучу) аты менен жана анын кызыкчылыгы үчүн бүтүмдөрдү жана башка юридикалык маанилүү аракеттерди жасайт.

**2. Өкүлчүлүктүн белгилери:**

Өкүл өзүнүн атынан эмес өкүл коюучунун атынан катышат;

Ыйгарым укугунун чегиндеги өкүлдүн аракеттери өкүл коюучунун аракети болуп саналат, демек өкүл тарабынан түзүлгөн бүтүмдөрдөн пайда болгон укук жана милдеттер түздөн-түз өкүл коюучуда пайда болот.

Өкүл ага берилген ыйгарым укуктун чегинде гана аракет кылат. Өкүлдүн ыйгарым укугунун чегинен ашыкча түзүлгөн бүтүм боюнча пайда болгон укук жана милдеттер өкүл коюучуга эмес өзүнө гана тиешелүү болот, эгерде ушул бүтүмдү өкүл коюучу кийин жактырбаса.

Өкүл толук түшүнүү менен өкүл коюучунун атынан аракет жасайт. Демек, жалпы эреже боюнча өкүл катары юридикалык жак же толук аракетке жөндөмдүү жаран боло алат.

Өкүл аркылуу төмөндөгүлөрдү ишке ашырууга болбойт:

● жеке мүнөздөгү укуктар (никеге туруу ж.б.);

● мыйзамда көрсөтүлгөн, башка бүтүмдөр (мисалы, керээзди түзүү);

Өкүл жасай албайт:

● өкүл коюучунун атынан жеке өзүнө карата бүтүмдөрдү түзө албайт;

● бир мезгилде бүтүмдүн эки тарабынын атынан чыга албайт (коммерциялык өкүлчүлүктөн башка учурда).

Өкүлчүлүктүн түрлөрү:

Мыйзамдуу өкүлчүлүк, ал мыйзамдын түздөн-түз көрсөтмөсүнөн өкүл коючунун эркине карабастан коюлат. Мыйзамдуу өкүл катары мисалы, ата-энелер, асырап алуучулар, камкорчулар боло алышат;

Келишимдик өкүлчүлүк, ал келишимдин негизинде ишке ашырылат. Ал атайын жол-жоболоштурууну талап кылуусу менен айрымаланат. Өкүлгө өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктардын көлөмүн өкүл коюучуну өз алдынча аныктайт.

Коммерциялык өкүлчүлук өзгөчө бөлүп каралат. Коммерциялык өкүл болуп ишкердик чөйрөсүндөгү келишимдерди түзүүдө ишкердин атынан туруктуу жана өз алдынча ишке ашыруучу жак эсептелет. Коммерциялык өкүл бир мезгилде алардын макулдугу менен бир нече тараптын атынан катыша алат.

**36. Ишеним кат**

1. ***Ишеним каттардын түшүнүгү***
2. ***Ишеним каттардын түрлөрү***
3. ***Ишеним каттардын аракеттүүлүк мөөнөттөрү***
4. ***Ишенимди өткөрүп берүү***
5. ***Ишеним каттын токтотулушу***

1. Ишеним кат – бул үчүнчү жактын алдында өкүл болуу үчүн биринчи жак тарабынан берилген кат түрүндөгү ыйгарым укук. Ишеним кат өкүлчүлүк мамилесин жол-жоболоштуруунун ыкмасы.

● коммерциялык өкүлчүлук - коммерциялык өкүлчүлук келишими

● агенттөө – агенттик келишим

Ишеним катты берүү жана кабыл алуу – эки бир тараптуу бүтүмдөр.

Нотариалдык күбөлөндүрүүнү талап кылган бүтүмдөрдү түзүү үчүн берилген ишеним кат, нотариалдык күбөлөндүрүлүшү керек, эгерде мыйзамда башкача каралбаса. Жарандык кодекстин 204 беренесинде нотариалдык күбөлөндүрүүгө теңдештирилген ишеним каттар аталган.

2. Өкүлдүн ыйгарым укугунун мүнөзүнө жана көлөмүнө карай төмөндөгүдөй бөлүнөт:

Бир жолку ишеним каттар, б.а. конкреттүү бир бүтүмду түзүү үчүн ишеним каттар;

Атайын ишеним каттар – белгилүү бир тармакта юридикалык маанилүү аракеттерди жасоо үчүн, же бир тектүү бүтүмдөрдү түзүү үчүн ишеним каттар (мисалы, сотто кызыкчылыктарды коргоо үчүн ишеним кат).

Генералдык ишеним каттар – ишеним берүүчүнүн мүлкүнө карата бардык мүмкүн болгон бүтүмдөрдү түзүү үчүн ишеним каттар.

3. Ишеним каттын мөөнөтү үч жылдан ашыкча болбошу керек. Эгер мөөнөтү көрсөтүлбөсө, анда ал бир жылга барабар болуп эсептелинет (мамлекеттен сырт жакта аракет жасоо үчүн ишеним каттан башкалары – бул учурда ишеним берүүчү ишеним катты кайтарып алганга чейин күчүндө болот). Берилген датасы көрсөтүлбөгөн ишеним кат, арзыбаган.

4. Өкүлчүлүк мамилеси фидуциардуу (ишенимдик) мунөзгө ээ, ошондуктан жалпы эреже боюнча өкүл ишеним катта каралган аракеттерди өзү аткарууга милдеттүү.

Ишенимди өткөрүп берүү, б.а. өкүлдүн ыйгарым укуктарын башка жакка өткөрүп берүүгө, эгер өкүлгө ишеним кат менен бул укук берилсе, же буга ишенип берүүчүнүн кызыкчылыгын коргоо үчүн

күч менен мажбурланса. Ишенимди өткөрүп берүү ишеним каттын токтошу менен күчүн жоготот.

5. Ишеним кат төмөндөгү учурларда күчүн жоготот:

● ишеним каттын мөөнөтүнүн бүтүшү;

● ишеним катты берген жак аны жокко чыгарса;

● ишеним кат берилген жак андан баш тартса;

● ишеним кат анын атынан же анын атына берилген юридикалык жак кыскарса;

● ишеним кат берген (же ага ишеним кат берилген) жак өлсө, аракетке жөндөмсүз деп табылса, чектелген аракетке жөндөмдүү же дайынсыз жок деп табылса.

Ишеним кат тактотулганда ал берилген жак же анын укуктук жолун жолдоочусу ишеним катты тез арада кайтарып берүүгө милдеттүү. Ишеним кат берилген жак анын токтотулушу жөнүндө билгенге же билүүгө тийиш болгонго чейин ал жак иш-аракеттерди жасашынан улам келип чыккан укуктар жана милдеттер үчүнчү жактан ишеним кат берген жак жана анын укуктук жолун жолдоочу үчүн сактайт. Эгерде үчүнчү жак ишеним каттын күчү токтотулгандыгын билсе же билүүгө тийиш болсо, бул эреже колдонулбайт.

**37. Коргоого болгон укуктун түшүнүгү жана мазмуну**

***1. Коргоого болгон укуктун түшүнүгү***
***2. Коргоого болгон укуктун мазмуну***
***3. Өзүн-өзү коргоо***
***4. Ыкчам таасир этүү чаралары***
***5. Мамлекеттик мажбурлоо чараларынын өзгөчөлүктөрү***
***6. Мамлекеттик мажбурлоо чараларын классификациялоо***

**1. Коргонуу укугу** – бул субъекттивдүү жарандык укуктун бөлүкчөсү, ал боюнча субъективдүү укукка ылайык келген ыйгарым укуктуу жактын укук коргоо мүнөзүндөгү атайын чараларды колдонуу мүмкүнчүлүгү.

**Коргонуу укугунун мазмуну:**

● өзүн-өзү коргоо;

● ыкчам таасир этүү чараларын колдонуу;

● мамлекеттик мажбурлоо чараларын колдонуу.

3. Өзүн-өзү коргоо – ыйгарым укуктуу жактын өзү, укуктарын коргоо үчүн колдонгон факт жүзүндөгү чаралары.

Өзүн-өзү коргоо айрыкча мүлктүк укукту коргоодо кеңири колдогулат. Өзүн-өзү коргоонун ыкмалары жана интенсивдүүлүгү укук бузуунун өлчөмүнө барабар болушу керек жана аны болтурбоо үчүн зарыл аракеттердин чегинен чыкпашы керек. Өзүн-өзү коргоого мисал, аргасыз коргонуу жана өтө зарыл шартардагы аракеттер эсептелинет.

**4. Ыкчам таасир этүү чаралары** – мамлекеттик компетенттүү органдарга укугун коргоо үчүн кайрылбастан туруп, жарандык-укуктук мамиленин тарабы катары ыйгарым укуктуу жактын өзү тарабынан, жарандык укукту жана милдетти бузуучуга колдонулуучу укук коргоо мүнөзүндөгү юридикалык чаралар.

Ыкчам таасир этүү чараларынын өзгөчөлүктөрү:

● реалдуу укук бузуу учурунда гана колдонуу мүмкүнчүлүгү;

● алар алдын-ала мыйзамда же тараптардын келишиминде каралышы керек;

● чараны колдонууга соттук тартипте даттануу мүмкүнчүлүгү;

● адатта укук бузууну жойгондо ыкчам таасир этүү чараларын колдонуу да токтойт.

Ыкчам таасир этүү чараларына мисал кармап калуу, карызкорду алдын ала төлөөгө которуу, электр энергиясын өчүрүү, келишимди бир тараптуу бузуу жана башкалар боло алат.

5. мамлекеттик мажбурлоо чараларынын өзгөчөлүктөрү:

● мамлекеттик компетенттүү орган тарабынан гана колдонулат;

● демейде соттук тартип колдонулат (бирок административдик болушу да мүмкүн);

● чараларды колдонуунун мазмуну, шарттары жана тартиби мыйзамда түздөн-түз аныкталган;

● дайыма юридикалык натыйжага алып барат.

6. **Мамлекеттик мажбурлоо чараларын классификациялоо:**

Алдын алуу мүнөзүндөгү чаралар, мүмкүн болгон укук бузууларды эскертүүгө багытталган:

Бузула элек бирок талашууда турган укукту таануу;

Юридикалык мааниси бар фактыны аныктоо (мисалы, туугандыкты аныктоо);

Мамлекеттик жана муниципалдык органдын нормативдик эмес актыларын жараксыз деп табуу;

- Санация – ага карата аны банкрот деп табуу жөнүндө иш козголгон, карызкор ишкананын мүлктүк абалын жандандыруу;
- Мамлекеттик же муниципалдык органдардын жана кызмат адамдарынын аракеттерине карата жарандардын арыз-муңун канааттандыруу.

Жөнгө салуучу мүнөздөгү чаралар жарандык-укуктук талашты чечүүдө (жарандык укук бузуу болбогондо да) жана санация колдонуу алдын-ала каралбаганда компетенттүү органдар тарабынан колдонулат:

- Жалпы менчиктен үлүштөрдү аныктоо;
- Жалпы менчикти бөлүштүрүү;
- Келишим алдындагы талаштарды чечүү;
- Башка бирөөнүн мыйзамсыз ээлигиндеги мүлктү кайра талап кылуу;
- Менчик ээсинин укуктарын же башка мүлктүк укуктардын ээсинин, ээликтен ажыратууга байланышпаган укук бузууларын жоюу;
- Реституция (карызкордун өз милдеттенмелерин баштапкы абалына кайтаруу).

Жарандык укуктук жоопкерчилик чаралары (санкциялар):

- Компенсациялык, б.а. укугу бузулган жактын (чыгымдардын ордун толтуруу ж.б.) мүлктүк катмарын калыбына келтирүүгө багытталган;

- Штрафтык (шык берүүчү), б.а. укук бузуучуну милдеттерин акниет аткарууга түрткү берет (штраф, туум);
- Конфискациялык – мамлекеттин пайдасына укук бузуучунун мүлкүн ордун толтуруусуз өткөрүү;
- Укугун коргоодон баш тартуу.

## 38. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин түшүнүгү, өзгөчөлүктөрү жана түрлөрү.

***1. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин түшүнүгү.***
***2. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүктөрү.***
***3. Жарандык- укуктук жоопкерчиликтин түрлөрү.***

1. **Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин түшүнүгү** – мамлекеттик мажбурлоонун формаларынын бир түрү, мүлктүк мүнөзгө ээ болгон санкцияны колдонуу менен байланышкан, бузулган укуктарды калыбына келтирүүгө багытталган жана юридикалык жактан бирдей жарандык жүгүртүүнүн катышуучуларынын нормалдуу экономикалык мамилелерин стимулдаштыруу. (Гражданское право. Т. 1. / Отв. ред. Е.А.Суханов. М., 1993, с.172).

**2. Жарандык- укуктук жоопкерчиликтин өзгөчөлүктөрү:**

**-мүлктүк мүнөзү,** б.а. укук бузуучу инсандыгы менен эмес өзүнүн мүлкү менен жооп берет;

**-бир контрагенттин башка бирөөнүн (укук бузуучунун жабырлануучунун алдындагы)** – укук бузуучуга салынуучу, санкция эреже катары жабырлануучунун пайдасына алынат.

- **компенсациялык мүнөзү**; жарандык укуктук жоопкерчиликтин негизги максаты – жабырланган жактын мүлктүк чөйрөсүн калыбына келтирүү;

**-жарандык–укуктук жоопкерчиликтин ченеминин келтирилген зыяндын же чыгымдын ченемине дал келүүсү.**

-жарандык-укуктук жоопкерчиликтин чараларын салууда **жарандык айлантуунун катышуучуларынын теңдиги.** Жарандык-укуктук санацияларды аларга карата колдонууда жарандык укуктун кее бир

субьектилери үчүн артыкчылыктардын жана кандайдыр бир жеңилдиктерди түзүүгө жол берилбестиги.

**3. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин түрлөрү:**

Пайда болуу негизи боюнча;

- ***келишимдик жоопкерчилик,*** милдеттенмелерди аткарбай койгондуктан же талаптагыдай аткарбагандыктан келишимден келип чыгат. Келишим менен мыйзам тарабынан каралбаган, жарандык укуктук жоопкерчиликтин кошумча негиздеринин келип чыгышы каралышы мүмкүн.

***Келишимден сырткаркы жоопкерчилик***- жабырлануучуга аны менен келишимдик мамилелерде болбогон жак тарабынан зыян же чыгым келтирилген учурда келип чыгат. (мисалы. кылмыш жасоо жолу менен жабырлануучунун мүлкүнө зыян келтирүү);

- Эгерде милдеткер жак тарапта бир канча жак турса, анда жоопкерчилик болушу мүмкүн:

- ***үлүштүк***, качан ар бир карызкор мыйзам же келишим менен аныкталып түзүлгөн үлүштө жоопкерчиликти көтөрөт.

***Солидардык*** -бул түздөн-түз мыйзамда же келишимде каралган учурларда гана келип чыгат. (мисалы, бир канча жак тарабынан зыян чогуу келтирилгенде).

Солидардык жоопкерчиликтин маңызы, кредитор карызкорлордун баардыгынан чогуу милдеттенмелерин аткаруусун талап кылууга укуктуу экендигинде.

***Субсидиардык*** - субсидиардык карызкордун негизгинин милдеттенмелери боюнча кошумча жоопкерчилиги. Качан негизги карызкор кредитордун талаптарын канааттандыруудан баш тартса же кредитор андан акылга сыйаарлык мөөнөттө койулган талапка жооп албаганда гана субсидиардык карызкорго талап койгонго болот. Субсидиардык жоопкерчилик мыйзамдын, кее бир укуктук актылардын же милдеттенмелерге ылайык келип чыгат. (мисалы, 14 жашка толгон жашы жетелектерден келтирилген зыяндар үчүн ата-энелердин кошумча жоопкерчиликтери).

***Аралаш жоопкерчилик*** – зыян же чыгым эки тараптын тең күнөөсү боюнча келип чыгат.

***Регресс тартибиндеги жоопкерчилик*** **– (непосредственный) зыян же чыгым келтирүүчүгө, аларды кайтаруу боюнча ал үчүн милдеттерин аткарган жак регресстик талапты коет.** (мисалы, солидардык милдеттерди аткарган, карызкор өзүнө тиешелүү үлүштү чыгаруу менен калган карызкорлорго бирдей үлүштөгү, регресстик талапты коюуга укуктуу).

## 39. Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин шарттары жана өлчөмү

1. ***Жарандык укук бузуунун курамы***
2. ***Жосундун укукка каршы болушу***
3. ***Зыянга же чыгымга учуратуу***
4. ***Укук бузуу менен келтирилген зыян же чыгымдын ортосундагы себептүү байланыш***
5. ***Күнөө***
6. ***Күнөөсүз жарандык-укуктук жоопкерчиликтин келип чыгышы***
7. ***Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин өлчөмү***

**1.** Жарандык-укуктук жопкерчиликтин негизи болуп дайыма жарандык укук бузуу эсептелинет, ал мыйзамдын же келишимдин талаптарын аткарбай коюу менен түшүндүрүлөт. Ар кандай жарандык укук бузуу жарандык-укуктук жоопкерчиликтин келишине өбөлгө түзгөн типтүү шарттардын белгилүү топтомуна ээ. Мындай топтом жарандык укук бузуунун курамы деп аталат жана өзүнө төмөндөгү элементтерди камтыйт (жарандык-укуктук жоопкерчиликтин шарттары):

● укук бузуучунун жосунунун укукка каршылыгы;

● зыяндын же чыгымдын болуусу;

● укукка каршы жосун менен келтирилген зыян же чыгымдын ортосундагы себептүү байланыш;

● укук бузуучунун күнөөсү.

**2. Жосундун укукка каршы болушу** бул мыйзамдын, башка укуктук акттын же келишимдин талаптарын бузуу жана жактын субъективдүү укугун кемсинтүү деп түшүндүрүлөт.

Укукка каршы деп бир гана аракет эсептелинбейт, аракетсиздик да эсептелинет, эгер жак аракет жасоого мүмкүнчүлүгү болуп жана ага милдеттүү болуп бирок аракет жасабай койсо.

Укукка каршылык зыянкечтик менен барабар эмес. Айласыз коргонууда же өтө зарыл шарттардагы аракеттери менен менчик ээсинин өз мүлкүн жок кылуусу, өрттү өчүрүүдө мүлккө зыян келтирилсе ж.б. зыянкечтик болот бирок укука каршы болбойт.

Жарандык-укуктук жоопкерчилик мыйзамда каралган учурларда укук ченемдүү аракеттер үчүн да келип чыгышы мүмкүн (мисалы, аргасыз коргонуу шарттарындагы аракеттер үчүн жоопкерчилик каралышы мүмкүн).

**3. Зыянга же чыгымга учуратуу. Зыян –** бул жактын жеке же мүлктүк баалуулуктарын бүлүндүрүү. Зыян мүлктүк болушу мүмкүн (белгилүү материалдык жоготууларга байланыштуу) же моралдык, мында материалдык жоготууларга байланыштуу болушу мүмкүн, ошондой эле жабырлануучунун руханий кыйналуусу менен коштолушу мүмкүн.

Биздин мыйзамдарда моралдык зыяндын ордун толтуруунун үч учуру бар:

● жактын жеке мүлктүк эмес укуктарын бузуучу аракеттердин натыйжасында зыян келтирилген;

● жаранга таандык башка материалдык эмес баалуулуктарына зыян келтирүү аракеттери болгондо;

● мыйзамда каралган башка учурларда (мисалы, “Керектөөчүлөрдүн укугун коргоо жөнүндө” КРнын мыйзамы).

Зыяндын ордун толтуруу же натуралай түрдө болушу мүмкүн, же акчалай компенсация жолу менен болушу мүмкүн.

Чыгымдар – бул келтирилген зыяндын акчалай кубулушу.

Чыгымдар төмөнкүлөрдү камтыйт:

● жабырлануучу бузулган укугун калыбына келтирүү үчүн сарптаган же керек болгон сарптоолор;

● Алынбаган кирешелер, эгер анын укугу бузулбаганда жарандык айландыруунун демейдеги шарттарында алмак болгон кирешелери.

Мыйзамда же келишимде башкача каралбаса зыяндын орду толугу менен толтурулат.

**4. Укук бузуу менен келтирилген зыян же чыгымдын ортосундагы себептүү байланыш** деген зыян келтирүүнүн алдында жосун болот жана ал зыянды жаратат.

**5. Күнөө –** укук бузуучунун өзүнүн мыйзамга каршы жүрүм-турумуна жана анын натыйжасына болгон психикалык мамилеси. Күнөөнүн формалары:

Атайылап – адам алдын ала зыяндуу натыйжалардын болушун билет жана анын болушун каалайт же ага кайдыгер мамиле кылат.

Этиятсыздыктан - адам алдын ала зыяндуу натыйжалардын болушун билип туруп, жеңил ой менен аны болтурбоону ойлойт, же билбейт

Жарандык укукта жоопкерчилик күнөөнүн ар кандай формасынан келип чыгат.

Укук бузуучунун күнөөсүнүн презумпциясы бар – башкача болуп далилденбесе ал күнөөлүү деп табылат. Өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөө милдети укук бузуучунун өзүндө болот.

Милдеттенменин тийиштүү аткарылышы үчүн милдеттенменин мүнөзүнө жана шарттарына ылайык андан талап кылынган бардык чараларды тийиштүү деңгээлде колдонсо ал жакты ЖК күнөөсүз деп табат.

6. **Күнөөсүнө карабай жарандык-укуктук жоопкерчиликтин келип чыгышы:**

Ишкердик менен алектенген жак милдеттенмени аткарбай койгондугу же тийиштүү аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликти тартат, эгерде бул адамдын алы жетпеген жагдайлардын себебинен келип чыккандыгын далилдеп бере албаса, б.а. өзгөчө кырдаалдар жана мындай шартта алдын-алууга мүмкүн болбогон жагдайлар.

7. **Жарандык-укуктук жоопкерчиликтин өлчөмү.** Зыян же чыгым келтирген жак алардын ордун толук көлөмдө толтуруп бериши керек.

Жарандык-укуктук доопкерчиликтин өлчөмүн азайтууга жол берилет:

● эгер зыян эки тараптын тең күнөөсүнөн келип чыкса (мисалы, жол транспорттук окуясынан);

● эгер кредитор чыгымдын көлөмүн көбөйтүүгө көмөктөшсө же анын өлчөмүн азайтууга тийиштүү чараларды көрбөсө.

Мыйзамда аныкталган учурларда тараптар жоопкерчиликтин өлчөмүн жогорулатышы да мүмкүн.

Келтирилген чыгымдын ордун толтуруу менен туруксуздукту өндүрүүнүн өз аракатышы:

● Зачеттук туруксуздук – туруксуздук менен камтылбаган чыгымдар өндүрүлөт;

● өзгөчө туруксуздук – чыгымдар эмес, туруксуздуктун өзү гана өндүрүлөт;

● айыптык туруксуздук – туруксуздуктун суммасынан тышкары бардык чыгымдар өндүрүлөт;

● альтернативдүү туруксуздук – кредитордун тандоосу боюнча же чыгымдар, же туруксуздук өндүрүлөт.

Эгерде мыйзамда же келишимде башкача көрсөтүлбөсө туруксуздук зачеттук болуп эсептелет.

**40. Жарандык укукта мөөнөттөрдүн түшүнүгү жана түрлөрү. Мөөнөттөрдүн эсептелиши**

1. ***Жарандык укукта мөөнөттөрдүн түшүнүгү***
2. ***Жарандык укукта мөөнөттөрдүн түрлөрү***
3. ***Мөөнөттөрдүн эсептелиши***

**1. Мөөнөт – бул учур же убакыт аралыгы, анын келиши же өтүшү жарандык укуктардын жана милдеттердин пайда болуусуна, өзгөрүүсүнө же токтошуна алып келет.**

**2. Мөөнөттөрдүн аныкталышы деңгээлине карай:**

● **императивдүү,** булар тараптардын макулдашуусу менен өзгөрүлбөйт (мисалы, даттануу мөөнөтү),

● **диспозитивдүү**, булар тараптардын макулдашуусу менен аныкталат (мисалы, милдеттенмени аткаруу мөөнөтү).

Мөөнөттүн келишине же өтүшүнө байланыштуу келип чыккан укуктук натыйжаларга карай, алар төмөнкүлөргө бөлүнүшөт:

- **Укук орнотуучу;**
- **Укук өзгөртүүчү;**
- **Укук токтотуучу.**

*Мөөнөттөр - Абсолюттук аныкталган, салыштырмалуу аныкталган жана аныкталбаган болуп бөлүнөт.*

***Абсолюттук аныкталган мөөнөттөр** кандайдыр-бир убакыт аралыгын же календардык датаны көрсөтүү менен аныкталат.*

*салыштырмалуу аныкталган мөөнөттөр салыштырмалуу так эмес аныкталат (мисалы, болжолдуу убакытта боло турган окуяны көрсөтүү менен)*

*аныкталбаган мөөнөттөр милдеттенменин мөөнөттүүлүгүнө карабастан, мөөнөт такыр көрсөтүлбөйт (мисалы, мөөнөтсүз мүлктүк ижара).*

**3. Мөөнөттөрдүн эсептелиши.**

Мөөнөттүн башталышы болуп календардык датадан кийинки күн же башталышы болуп аныкталган окуянын болушу эсептелет.

Жылдар менен эсептелген мөөнөт акыркы мөөнөт жылынын тийиштүү айы жана датасы өткөндө бүтөт.

Айлар менен эсептелген мөөнөт акыркы мөөнөт айынын тийиштүү айы жана датасы өткөндө бүтөт. Ал эми акыркы мөөнөт айынын тийиштүү датасы жок болсо, анда мөөнөт ушул айдын акыркы күнү бүтөт. Бул эрежелер жарым жылдык жана кварталдык мөөнөттөрдү эсептөөдө да колдонулат.

Жарым айлык мөөнөт күн менен эсептелет жана ал 15 күнгө барабар.

Апта менен эсептелүүчү мөөнөт, акыркы мөөнөт аптасынын тийиштүү күнү бүтөт.
Эгерде мөөнөттүн акыркы күнү жумуш эмес күнгө туура келсе, анда мөөнөттүн бүтүү күнү андан кийинки жумуш күнү эсептелинет.

## 41. Жарандык укуктарды жана жарандык милдеттерди аткаруу мөөнөттөрү

1. ***Жарандык укуктарды ишке ашыруу мөөнөттөрүнүн түшүнүгү***
2. ***Жарандык укуктардын болуусунун мөөнөттөрү***
3. ***Кыскартуучу мөөнөттөр***
4. ***Доомат кою үчүн мөөнөттөр***
5. ***Кепилдик мөөнөттөрү***
6. ***Жарамдуулук мөөнөтү жана иштөө мөөнөтү***
7. ***Жарандык укуктардын пайда болуу мөөнөтү***
8. ***Жарандык милдетти аткаруу мөөнөтү***

**1. Жарандык укуктарды ишке ашыруу мөөнөттөрү** – бул ыйгарым укуктуу жактын анын субъективдүү укугунда бекитилген мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга мүмкүн болгон мөөнөт аралыгы. Анын ичинде: Жарандык укуктардын болуусунун мөөнөттөрү, кыскартуучу мөөнөттөр, доомат кою үчүн мөөнөттөр, кепилдик мөөнөттөрү, жарамдуулук мөөнөтү жана иштөө мөөнөтү жана башкалар.
**2. Жарандык укуктардын болуусунун мөөнөттөрү** – бул мөөнөт аралыгында белгилүү субъективдүү укуктар болот жана ыйгарым укуктуу жак  аларды ишке ашырууга реалдуу мүмкүнчүлүгү болот (мисалы, ишеним каттын жарамдуулук мөөнөтү).
**3. Кыскартуучу мөөнөттөр** ыйгарым укуктуу жакка өзүнүн укуктарын ишке ашыруу үчүн чектелген убакыт берилет, эгерде ишке ашырбаса же тийиштүү ишке ашырбаса мөөнөтүнөн мурда кыскаруу коркунучу болот (мисалы, табылганы сактоо мөөнөтү).
**4. Доомат кою үчүн мөөнөттөр** – бул мөөнөт аралыгында ыйгарым укуктуу жак өз укугун коргоо үчүн сотко кайрылганга чейин милдеттүү жакка түздөн-түз кайрылууга укуктуу (айрым учурда милдеттүү).
**5. Кепилдик мөөнөттөрү** – бул убакыт аралыгы анын ичинде товар өндүрүүчү же сатуучу анын кынтыксыз иштешине кепилдик берет жана бул мөөнөт аралыгында товардын кемчилдиги билинсе акысыз жоюуга милдеттенет.

**6. Жарамдуулук мөөнөтү** – бул ченемдик актыда аныкталган убакыт аралыгы, ал аралыкта азык-түлүк продуктулары, парфюмердик-косметикалык товарлар, медикоменттер, үй-тиричилик химия буюмдары жана башка товарлар иштетүүгө жарамдуу.

Ал эми башка товарларга товар өндүрүүчү иштөө мөөнөтүн аныкташы мүмкүн, ал мөөнөт аралыгында керектөөчүгө товарды нормалдуу иштетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттенет, ошондой эле товар өндүрүүчүнүн күнөөсү менен келип чыккан бардык кемчиликтерди жоюуга милдеттенет.

**7. Жарандык укуктардын пайда болуу мөөнөтү** – бул мөөнөттүн келиши менен субъективдүү жарандык укуктардын пайда болуусу байланыштуу (мисалы, ээлик кылуу узактыгы).

**8. Жарандык милдетти аткаруу мөөнөтү** – бул мөөнөттүн ичинде милдеттүү жак милдеттенмеде каралган аракеттерди аткарышы керек.

## 42. Доонун эскирүүсүнүн түшүнүгү жана мааниси, анын өтүшү

***1. Доонун эскирүүсүнүн түшүнүгү***
***2. Доонун эскирүүсүнүн мааниси***
***3. Доонун эскирүү мөөнөтү***
***4. Доонун эскиришин колдонуу***

**1. Доонун эскириши** – бул укугу бузулган жактын доосу боюнча укугун коргоо үчүн мөөнөт.

**2.** Доонун эскирүү институту жарандын оборотто туруктуулукту камсыз кылат, жарандык обороттун катышуучуларынын ишенимсиздигин жана аныкталбастыгын жок кылат. Доонун эскириши өз укугунан кыянат кылып эскирген, адатта негизделбеген талаптарды койгон жактардын мүмкүнчүлүгүн кескин азайтат. Ал соттогу далилдөө процессин жеңилдетет, анткени убакыт өтүшү менен далилдерди келтирүү кыйынчылытуу болуп калат.

**3. Доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү – үч жыл.** Кээ-бир учурларда ал укуктук акт менен узартылышы же кыскартылышы мүмкүн (мисалы, бүтүмдүн жарамдуулугу боюнча тартышуу мөөнөтү бир жылды түзөт).

Доонун эскиришинин аякташы субъективдүү укукту токтото албайт (демек, жактын сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт), бирок ыйгарым укуктуу жактын милдеттүү жактын эркине каршы аны ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

**4.** Сот доонун эскиришин тараптын арызы менен гана колдонууга укуктуу. Доонун эскиришинин мөөнөтү, аларды эсептөө тартиби жана өтүшү тараптардын макулдашуусу менен өзгөртүлбөйт.

Доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшү, жак өз укугунун бузулгандыгын билген күндөн же билүүгө мүмкүн болгон күндөн башталат. Бул эрежеге мыйзам менен кээ-бир чектөөлөр киргизилиши мүмкүн.

**43. Доонун эскирүү мөөнөүнүн өтүшүн токтото туруу, доонун эскирүү мөөнөтүндөгү үзгүлтүк, доонун эскирген мөөнөтүн калыбына келтирүү. Доонун эскириши жайылбаган талаптар.**

***1. Доонун эскирүү мөөнөүнүн өтүшүн токтото туруу***
***2. Доонун эскирүү мөөнөтүндөгү үзгүлтүк***
***3. Доонун эскирген мөөнөтүн калыбына келтирүү***
***4. Доонун эскириши жайылбаган талаптар***

**1.** Акыркы алты ай ичинде КР ЖКнин 217 - беренесинде көрсөтүлгөн жагдайлар келип чыккан учурда, доонун эскирүү мөөнөүнүн өтүшү токтоп турат.

Көрсөтүлгөн жагдайлар токтогондо доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшү жаңыланат, ал эми калган мөөнө алты айга чейин узартылат (эгер доонун эскирүү мөөнөтү алты айдан аз болсо, анда калган мөөнөт бөлүгү доонун эскирүү мөөнөтүнө чейин узартылат). Доонун эскирүү мөөнөүнүн өтүшүн токтото турууучу жагдайларга төмөндөгүлөр кирет:

● эгерде доонун коюлушуна өзгөчө жана ошол жагдайда болтурбай коюуга мүмкүн эмес шарт (жеңилбес күч) тоскоол болсо;

● эгерде доочу же жоопкер согуш абалына өткөрүлгөн Куралдуу Күчтөрдүн катарында болсо;

● мыйзамдын негизинде өкмөт милдеттенмени аткарууну кийинкиге калтырса (мораторий);

● тиешелүү мамилелерди жөнгө салуучу мыйзамдын колдонулушун токтото туруудан улам доонун эскирүү мөөнөтүнүн өтүшү токтотула турат.

2. **Доонун эскирүү мөөнөтүндөгү үзгүлтүк** аныкталган тартипте доону келтирүү менен же милдеттүү жактын карызды мойнуна алуусун далилдеген аракеттерди жасоо (мисалы, милдеттенмени аткарууну кечеңдетүү жөнүндө суранычы же карыздын бөлүгүн төлөө) менен ишке ашат. Доонун эскирүү мөөнөтүнүн үзгүлтүгүнөн кийин кайрадан башталат, ал эми үзгүлтүккө чейинки өткөн убакыт, жаңы мөөнөткө эсептелбейт.

3. Айрым учурларда сот доонун мөөнөтүн эскиртип жиберүү себебин доогердин өздүгүнө байланыштуу жагдайлар менен (катуу оору, жардамсыз абалы, сабатсыздыгы ж.б.), жүйөлүү деп тапса, доонун мөөнөтү калыбына келтирилет, ал эми бузулган укук коргоого жатат. Көрсөтүлгөн жагдайлар доонун эскирүү мөөнөтүнүн акыркы алты айында орун алышы абзел.

4. Төмөндөгүлөргө доонун эскириши жайылтылбайт:

● жеке мүлктүк эмес укуктарды жана башка материалдык эмес баалулуктарды коргоо жөнүндө талаптар (мисалы, ар-намысты, ишкердик беделди коргоо жөнүндө талаптар), мыйзамда көрсөтүлгөн учурлардан башка;

● салымдарды кайтарып алуу жөнүндө салымчылардын банкка талабы;

● жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу жөнүндө талаптар;

● ээликтен ажыратууга байланышпаган, менчик ээсинин же башка ээлик кылуучунун укугуна карата ар-кандай укук бузууларды жоюу талаптары;

● мыйзамда каралган учурлардагы башка талаптар.

## 4 – Бөлүм. Мүлктүк укук

## Глава 1. Менчик укугу

### 44. Менчик жана менчик укугу

1. ***Менчиктин экономикалык мааниси***
2. ***Менчик укугунун түшүнүгү***
3. ***Менчиктин формалары***

1. Менчик укугунда менчиктин экономикалык катнашы орун алат. Экономикалык маңызда менчик мамилеси – бул адамдардын ортосундагы материалдык баалулуктар себебинен мамилеси, ушул баалулуктардын бир жакка таандуулугу жана алардын башка жактардын менчигинен чыккандыгы менен түшүндүрүлөт.

Менчик ээси буюмга карата толук чарбалык үстөмдүккө ээ болот, аны өз ыктыяры менен пайдаланат жана башкаларды андан пайдалануусунан оолактатат (же буюмду пайдаланууга өз ыктыяры менен аларга жол берет).

Менчиктин экономикалык мамилесин юридикалык жол-жоболоштуруу ар кандай укуктун тармагында орун алат. Жарандык укукта менчик мамилесинин статикасы менчик укугу жана башка мүлктүк укуктар менен жол-жоболоштурулат, ал эми динамикасы – милдеттенме укугу менен.

**2. Менчик укугунун түшүнүгү:**

Объективдүү маанисинде – материалдык баалуулуктардын конкреттүү бир жактарга таандуулугун коргогон жана жөнгө салган укуктук нормалардын жыйындысы (менчик укук институту):

- Буюмдардын белгилүү жактарга тийиштүүлүгүн аныктаган нормалар;
- Менчик ээсинин ага тийиштүү мүлктөрдү пайдалануу ыйгарым укуктарын аныктоочу нормалар;
- Менчик ээсинин укуктарын коргоо каражаттарын аныктоочу нормалар;

Субъективдүү маанисинде – менчик ээсинин мүмкүн болгон жүрүм-турум ченеми.

Менчик ээси өз ыктыяры менен төмөндөгүлөргө укуктуу:

- **мүлккө ээлик кылуу**, б.а. ага факт түрүндө ө чарбасында ээлик кылуу.

Мүлккө мыйзамдын негизинде ээлик кылуу *титулдук (мыйзамдуу)* деп аталат;

- **мүлктү пайдалануу,** демек буюмдун пайдалуу сыпатын өздөштүрүү аркылуу аны иштетүү;

- **мүлктү тескөө,** анын юридикалык тагдырын аныктоо (сатуу, убактылуу пайдаланууга берүү ж.б.).

Ушуну менен катар менчик ээси жалпы эреже боюнча, мүлктү асыроо түйшүгүн тартат жана анын кокустан жок болуусу же жапа чегиши тобокелдигин алат.

Менчик укугу мөөнөтсүз жана мыйзамга түздөн-түз таянат. Менчик укугу ар-кандай үчүнчү жактардын бузууларынан корголгон (абсолюттук коргоо).

**3. Укуктун субъектисине карай** менчик укугу төмөндөгүдөй менчиктин формаларына бөлүнөт:

● жарандардын менчик укугу;
● юридикалык жактардын менчик укугу;
● Кыргыз Республикасынын менчик укугу (мамлекеттик менчик);
● муниципалдык түзүмдүн менчик укугу (муниципалдык менчик).

Бардык аталган менчиктин формалары мыйзам менен бирдей корголот, бирок объектилерине карай, пайда болуу жана токтотуу негиздери боюнча белгилүү өзгөчөлүктөргө ээ.

## 45. Менчик укугунун пайда болуусу жана токтотулушу

***1. Менчик укугунун пайда болуу ыкмаларынын түшүнүгү***
***2. Менчик укугунун пайда болуу ыкмаларынын классификациясы***
***3. Менчик укугунун пайда болуусунун баштапкы ыкмалары***
***4. Менчик укугунун пайда болуусунун соңку ыкмалары***
***5. Менчик укугунун токтотулушуна негиздер түшүнүгү***
***6. Менчик укугунун токтотулушунун негиздеринин түрлөрү***

1. **Менчик укугунун пайда болуу ыкмалары** – бул жактын менчик укугунун пайда полуусуна алып келүүчү юридикалык фактылар.
2. Менчик укугунун пайда болуусунун жалпы жарандык жана атайын ыкмалары болот. Биринчиси ар-кандай эле жарандык укуктун субъектиси тарабынан колдонулушу мүмкүн (мисалы, бүтүмдөр), ал эми экинчиси атайын белгилүү укуктун субъектилеринин менчик укугунун пайда болуусуна алып келет (конфискация, реквизиция ж.б.).
Менчик укугунун пайда болуу ыкмалары төмөнкүлөргө бөлүнөт:
- баштапкы, буюмга карата менчик укугу алгачкы жолу пайда болгондо же баштапкы менчик ээсинин эркине карабастан пайда болгондо;
- соңку, мында менчик укугу баштапкы менчик ээсинин ыктыяры менен жана жаңы менчик ээсинин макулдугу менен пайда болот. Мындай учурда жаңы менчик ээсинин укугунун көлөмү баштапкы менчик ээсине даандык укуктун көлөмүнө көз каранды. Ошентип, жаңы менчик ээсине менчик укугуна мурунтан таңууланган башка укуктар (сервитуттар, башка мүлктүк жана үчүнчү жактардын ушул мүлккө карата укуктары) кошо өтөт.
**3. Менчик укугунун пайда болуусунун баштапкы ыкмалары:**
Жаңы буюмду жаратуу. Жаңы жаратылган кыймылсыз мүлккө карата менчик укугунун пайда болуусунун өзгөчөлүгү бар;
Ал мүлктү мыйзамдын негизинде пайдаланууда анын мөмөсүнө жана өндүрүмдөрүнө жана кирешелерине менчик укугунун пайда болуусу;
Буюмду кайра иштетүү;
Ээсиз буюмга (менчик ээси баш тарткан буюмдар, табылга, кароосуз жаныбарлар, ) карата менчик укугунун пайда болуусу;
Жыйнап алууга ачык буюмдарды менчикке алуу (козу карынды терип алуу, балык уулоо);
Ээлик кылуу мөөнөтүнүн узактыгы: менчик ээси эмес жак кыймылсыз мүлккө өз менчигиндей мамиле жасап, ачык, ак ниет, үзгүлтүксүз 15-жыл бою ээлик кылса же башка мүлккө 5-жыл бою ээлик кылса, бул мүлккө карата менчик укугуна ээ болот.

4. **Менчик укугунун пайда болуусунун соңку ыкмалары:**
- менчик укугун соода-сатык, белекке берүү жана башка келишимдердин негизинде пайда кылуу;
- мыйзам же керээздин негизинде мурастоо;
- юридикалык жак кайра түзүлгөн учурда анын мүлкүнө менчик укугун пайда кылуу;
- турак жай, гараждык жана башка керектөөчүлөрдүн кооперативинин мүчөсүнүн салымды (пайды) толук төлөгөн учурда тийиштүү бөлмөгө менчик укугун пайда кылуусу;
5. **Менчик укугунун токтотулушуна негиздер** – бул белгилүү мүлккө карата менчик укугун токтотууга алып келген юридикалык фактылар.
Адатта бир жактын менчик укугунун токтотулушу экинчи жактын менчик укугунун пайда болуусуна алып келет (мүлктүн кыйрашынан же буюмдун жок болушунан башка).
6. **Менчик укугунун токтотулушунун негиздеринин түрлөрү:**
- мүлктүн кыйрашы же буюмдун жок болушу;
- менчик ээсинин ыктыяры менен менчик укугунун токтотулушу:
менчик укугун соода-сатык, белекке берүү жана башка келишимдердин негизинде токтотулушу;
менчик укугунан баш тартуу, ушул мүлккө башка жактын менчик укугу таанылмайынча менчик укугу токтотулбайт;
менчик укугунун мажбурлоо менен токтотулушу:
а) акысыз:
- конфискация – мыйзамда аныкталган учурда кылмыш же башка укук бузуу үчүн административдик же сот тартибинде санкция катары менчик ээсинен мүлктү акысыз тартып алуу;
- менчик ээсинин милдеттенмелери боюнча анын мүлкүнөн өндүруп алуу.
б) акылуу:
- мыйзамдын талаптары боюнча бул жакка мүлк таандык болбой турган учурда мүлктү өткөрүп берүү;
- жаныбарга тийиштүү мамиле жасабагандыгы үчүн аны сатып алуу;
- маданий баалуулугу бар мүлккө чарбасыз мамиле кылганда аны сатып алуу;
- турак-жайды мажбурлап сатуу;
- реквизиция – мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн мамлекеттик органдын чечими менен мыйзамда каралган тартипте жана шарттарда табият кырсыктарында, аварияларда, эпидемия, эпизоотия жана башка өзгөчө кырдаал мүнөздөгү жагдайларда менчик ээсинен, мүлктүн наркын төлөп берүү менен мажбурлап тартып алуу;

- улутташтыруу – атайын кабыл алынган укуктук-ченемдик актылардын негизинде мүлктү мамлекеттин менчигине алуу.

## 46. Жарандардын менчик укугу

1. ***Жарандардын материалдык баалуулуктарды менчиктөөсүнүн формалары***
2. ***Жарандардын менчик укугунун мазмуну***
3. ***Жарандардын менчик укунунун объектилери***

1. Жарандардын менчик укугу жеке менчиктин бир түрү катары.

Жарандардын менчик укугу аларга материалдык баалуулуктарды менчиктөөсүн юридикалык жол-жоболоштууга мүмкүндүк берет.

Жарандардын материалдык баалуулуктарды өздөштүрүүсүнүн формалары:

- Индивидуалдык
- Системалуу киреше алууга багытталбаган чарбалык ишмердүүлүк (жеке көмөк чарбасындагы жумуштар ж.б.)
- Системалуу түрдө киреше алууга багытталган ишмердүүлүк
- Юридикалык жак түзбөстөн ишкердик ишин жүргүзүү (ЖК 58 беренеси)
- Юридикалык жак түзүү менен ишкердик ишин жүргүзүү
- Коллективдүү
- Ишканада, уюмда, мекемеде жалданма жумуш
- Жалданма жумушту колдонуу менен ишкердүүлүк
- Юридикалык жакты түзбөстөн
- Юридикалык жакты түзүү менен

2. Жарандын менчик укугунун мазмуну ага таандык мүлккө карата ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө ыйгарым укуктары болуп саналат.

Жалпы эреже боюнча жарандардын менчигинде турган мүлктөрдүн эсеби жана баасы чектелбейт. (ЖК 224 беренесинин 2п.)

Жарандардын менчик укугунун айрым өзгөчөлүктөрү, мисалы, бир гана физикалык жак – менчик ээси өзүнө таандык мүлкүн керээз жазуу аркылуу тескей алат

Жарандардын турак жайга карата менчик укугунун айрым учурда чектеген учурлар бар жана башка мыйзамда аныкталган учурларда (ЖК 233беренеси.)

Жарандардын менчик укугу мыйзам менен менчик укугунун башка формалары катары бирдей корголот.

3. Жарандардын менчик укугунун объектиси. Жарандардын менчигинде, мыйзамда белгиленген айрым чектөөлөрдөн башка, каалаган мүлк болушу мүмкүн. (ЖК 224 беренесинин 1п.)

Жарандык жүгүртүүдөн алынып коюлган (радиактивдүү материалдар, аскер техникалары ж.б.) мүлктөр жарандардын менчигинде боло албайт. Мындай объектилердин тизмеси мыйзам менен аныкталат.
Мыйзам менен жүгүртүүсү чектелген объектилер жарандарга атайын уруксаты болгондо гана таандык болушу мүмкүн (газ же мергенчилик куралы ж.б.).

## 47. Мурас укугунун негизги түшүнүгү

1. ***Мурастоонун түшүнүгү жана маңызы***
2. ***Мурастоонун ачылышы***
3. ***Мурастын ачылыш убактысы***
4. ***Мурас ачылган жер***
5. ***Мурас калтыруучу***
6. ***Мурастоочулар***
7. ***Мурасталуучу масса***

1. Мурастоо – бул өлгөн адамдын (мурас калтыруучунун) мыйзамда аныкталган тартипте мүлктүк жана кээ-бир мүлктүк эмес укуктарынын башка жакка (мураскорго) өтүүсү.
Жалпы эреже боюнча мурас боюнча жеке мүлктүк эмес укуктар өтпөйт (мисалы, илимий, адабият же искусство чыгармаларына карата автордук укук), ошондой эле ээлик кылуучунун өздүгү менен тыгыз байланыштуу мүлктүк укуктар жана милдеттер (мисалы, алименттик укуктар жана милдеттер).
Мурастоо – бул универсалдуу укук мурастоочулук, б.а. мураскорго мурас калтыруучунун укуктарынын жана милдеттеринин кандайдыр бир бөлүгү эмес, бардык комплекси өтөт.
Мурас калтыруучунун укуктарынын жана милдеттеринин мураскорго өтүүсү түздөн-түз (үчүнчү жактын катышуусуз) жана бир убакта болот.

**2. Мурастоонун ачылышы** – бул мурас укук мамилесинин пайда болуусу.
Мурастоонун ачылышынын негизи – жарандын өлүмү.

**3. Мурасты ачуу убактысы – мурас калтыруучунун өлгөн күнү** же аны өлдү деп табуу жөнүндөгү сот чечиминин мыйзамдуу күчүнө кирген күнү (айрым учурларда - жарандын болжолдуу өлгөн күнү). Мурасты ачуу убактысы менен колдонууга жаткан мыйзамды аныктоо, мурас мүлкүнүн курамы, мурасты кабыл алуу же андан баш тартуу мөөнөттөрү, мураска

карата укук күбөлүгүн берүү мөөнөтү, мурасталуучу мүлккө карата мураскерлерлердин менчик укугунун пацда болуу учуру байланышкан.

4. **Мурас ачылган жер –** мурас калтыруучунун акыркы туруктуу жашаган жери, эгер ал белгисиз болсо – мүлктүн жайгашкан жери же анын негизиги бөлүгү.

**Мурас ачылган жер боюнча:** кайсы мамлекеттин мыйзамы колдонууга жатат (кыймылсыз мүлктү мурастоо, ал кайсыл мамлекетте жайгашса ошол мамлекеттин мыйзамы боюнча аныкталат), мураска карата укук күбөлүгүн алуу үчүн кайсыл нотариуска кайрылуу керек деген суроо чечилет. Мурас ачылган жерде мурасталуучу мүлктү коргоого алуу чаралары көрүлөт.

5. мурас калтыруучу – жак анын өлүмүнөн кийин мурастык укук өтүүчүлүк пайда болот. Физикалык жак гана мурас калтыруучу боло алат.

6. мураскер – мурас калтыруучунун мыйзамда же керээзде көрсөтүлгөн мураскерлери. Ал жарандык укуктун ар кандай субъектиси болуусу мүмкүн (бирок юридикалык жактар керээз боюнча гана мурастай алат). Мурас калтыруучу өлгөн мезгилде тирүү болгон жарандар, ошондой эле ал тирүү кезинде боюна бүтүп жана өлгөндөн кийин төрөлгөн балдар мураскер боло алат.

Мыйзам боюнча мураскер боло албаган жарандар:

Өлгөн баласына карата ата-энелик укугунан ажыратылган ата-энелер;

Мыйзамдын негизинде мурас калтыруучуну асыроо милдети жүктөлгөн, бирок андан караниеттик менен баш тарткан ата-энелер жана жашы жеткен балдары;

Мурас калтыруучуга, кайсы-бир мураскерге каршы же мурас калтыруучунун керээзде жазылган эркин ишке ашыруу аракетине каршы аракеттери менен өзүн мураскер катары чакырууга мыйзамсыз аракеттери менен өбөлгө түзгөн жарандар (алар мыйзам боюнча эле эмес, керээз боюнча да мурастай алышпайт).

Мамлекет мураскер боло алат эгер:

● мүлк маамлекетке керээзделсе;

● мурас калтыруучунун мыйзам боюнча да керээз боюнча да мураскери жок болсо;

● бир да мураскер мурасты кабыл албаса.

7. мурастык масса – мыйзамда белгиленген тартипте мураскерлерге өтүүчү, мурас калтыруучунун мүлктүк укук жана милдеттеринин жыйындысы.

Күндөлүк колдонулчу үй буюмдары, дайыма алардын кезегине же мурастык үлүшүнө карабастан мурас калтыруучу өлгөнгө чейин бир жылдан кем эмес бирге жашаган мыйзам боюнча мураскерге өтөт.
Мурасты кабыл алган мураскер, мурас калтыруучунун карыздары боюнча ага өткөн мурас калтыруучунун мүлкүнүн анык баасынын алкагында жооп берет.

## 48. Мыйзам боюнча мурастоо

***1. Мыйзам боюнча мурастоо учурлары***
***2. Мыйзам боюнча мураскерлердин тизмеги***
***3. Сунуштоо укугу боюнча мурастоо***

1. мыйзам боюнча мурастоо учурлары:
● мурас калтыруучу керээз калтырган жок же ал толугк жараксыз деп табылган;
● мүлктбир бөлүгү гана керээзделген же керээздин бир бөлүгү жараксыз деп табылган;
● мурас ачылганга чейин керээзде көрсөтүлгөн мураскер өлгөн же кабыл алуудан баш тарткан.
2. мыйзам боюнча мураскерлердин тизмеги:
Биринчи кезектеги мураскерлер: өлгөн адамдын балдары (анын ичинде асырап алынган), жубайы, ата-энеси (асырап алуучулары), ошондой эле ал өлгөндөн кийин төрөлгөн баласы;
Экинчи кезектеги мураскерлер: өлгөн адамдын кандаш агалары эжелери, чоң атасы чоң энеси (атасы тараптан ошондой эле энеси тараптан) – алар мурастоого биринчи кезектеги мураскерлер жок болгон учрда гана, алар мурасты кабыл албаса же керээз калтыруучу биринчи кезектеги бардык мураскерлерди мурастоо укугунан ажыратса чакырылат.
Мурас калтыруучу өлгөнгө чейин бир жылдан аз эмес убакыт анын камкордугунда турган эмгекке жарамсыз адам – алар мурастоого чакырылган тийиштүү кезектегилер катарында мурасташат.
Мурастоого чакырылган кезектеги бардык мураскерлер, барабар үлүштө мурасташат.

3. Неберелери жана чеберелери, эгер мурас ачылган убакта мураскер болгон ата-энелеси тирүү жок болсо мыйзам брюнча мурастайт (сунуштоо укугу боюнча мурастоо). Мындай учурда алар мурастык массанын ата-энесине таандык бөлүгүн бөлүп алышат.

## 49. Керээз боюнча мурастоо

***1. Керээз түшүнүгү***
***2. Керээз белгилери***
***3. Керээз эркиндиги***
***4. Мурастык субституция***
***5. Керээздик баш тартуу***
***6. Керээзди жокко чыгаруу***
***7. Керээзди аткаруу***

1. Керээз – жарандын өз өлүмү учуруна ага тиешелүү болгон мүлкүнө карата мыйзамда каралган формада аткарылган жеке тескемеси. Жаран өзү өлгөндөн кийин өзүнө тиешелүү мүлктү же ага болгон укукту тескөө боюнча билдирилген жана тиешелүү түрдө жол-жоболоштурулган эрк-ниети керээз деп таанылат.
2. Керээз – бул бир тараптуу келишим жана төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөргө (белгилерге) ээ болот:
Бул бирден-бир мыйзамда жол берилген өлүм учуруна мүлктү тескөө ыкмасы;
Жеке мүнөзгө ээ:
Керээз толук аракетке жөндөмсүз адам тарабынан же өкүл аркылуу түзүлбөйт;
Нотариустун катышуусунда керээз калтыруучунун өз колу менен кол коюлушу керек; эгер керээз калтыруучу физикалык жетишпестиктен, оорунун себебинен же башка себептерден улам керээзге кол кое албаса, анда анын өтүнүчү менен нотариустун катышуусунда, кол кое албагандыгынын себебин көрсөтүп, башка жаран тарабынан кол коюлушу мүмкүн.
Ыктымалдуу мураскерлер керээз түзүүгө катыша албайт.
Керээздин милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүлүүсү, антпесе анын жараксыздыгына алып келет.
3. Керээз калтыруучу өзүнүн бардык мүлкүн же анын бир бөлүгүн каалаган адамга (мыйзам боюнча мураскерлердин катарына кошулган же кошулбаган), юридикалык жакка же мамлекетке керээздөөгө укуктуу (керээздин эркиндиги принциби).
Керээздин эркиндиги принциби мурастан милдеттүү үлүш алууга укугу бар, зарыл мураскерлердин тобун белгилөө менен чектелет.

Зарыл мураскерлердин тобу:

Мурас калтыруучунун жашы жете элек же эмгекке жарамсыз жашы жеткен балдары (анын ичинде асырап алынган).
Мурас калтыруучунун камкордугундагы эмгекке жарамсыздар.

4. Керээз калтыруучу керээзде негизги мураскерден башка дагы мураскерди көрсөтүүгө укуктуу, анткени негизги мураскер мурас ачылганга чейин өлүп калса же мурастан баш тартса башка мураскерге өтөт. Бул мурастык субституция деп аталат.

5. Керээз калтыруучу керээзинде мурастык баш тартууу (легат) дайындап коюуга укуктуу – мураскерге белгилүү мүлктү же мүлктүк мүнөздөгү милдетти аткарууну үчүнчү жакка өткөрүп берүү милдетин жүктөө, же коомдун пайдасына мүлктүк же мүлктүк эмес мүнөздөгү аракеттерди аткаруу милдетин мураскерге жүктөө.

6. Керээзди каалаган мезгилде жокко чыгарууга болот кийинки жол менен:
● жаңы керээзди нотариалдык күбөлөндүрүү;
● башта түзүлүп жана күбөлөндүрүлгөн керээзди жокко чыгаруу үчүн нотариалдык конторага арыз берүү;

7. Керээзди аткаруу мураскерлерге же эркти аткаруучуга (душеприказчикке) жүктөлөт.
Эркти аткаруучу (душеприказчик) керээзди акысыз аткарат жана керээзди аткарууга байланышкан чыгымдардын ордун мурастык массанын эсебинен толтурууга укуктуу. Керээзди аткарып бүткөндөн кийин эрки аткаруучу мураскерлердин талаптары боюнча жүргүзүлгөн аракеттери боюнча аларга отчет берет.

**50. Мурасты кабыл алуу жана мурастан баш тартуу**
***1. Мурасты кабыл алуу***
***2. Мурастык трансмиссия***
***3. Мурастан баш тартуу***

1. Мурасты кабыл алуу – мурас ачылган учурда мурас массасына кирген бардык мүлктөргө мураскердин укугун пайда кылуучу бир жактуу бүтүм. Мурасты кабыл алуу мурас ачылган күндөн тартып алты айдын ичинде жүргүзүлүшү мүмкүн:
● мурастык мүлккө факт түрүндө ээлик кылуу (мисалы, үйгө кирип жайгашуу, автомобильди пайдалануу ж.б.).

● мурасты кабыл алуу жөнүндө нотариалдык конторага арыз берүү.
Мурасты кабыл алуу мөөнөтүн өткөрүп жиберүү, мурас укугунун токтошуна алып келет, эгерде сот себептерин жүйөлүү деп таанып аталган мөөнөттү узартпаса.

2. Эгер мыйзам боюнча же керээз боюнча мурастоого чакырылган мураскер мурас ачылгандан кийин мурасты кабыл алууга белгиленген мөөнөттө үлгүрбөй өлүп калса, ага чегерилген үлүштү кабыл алуу укугу анын мураскерлерине өтөт (мурастык трансмиссия).
Мурасты кабыл алуунун укуктук натыйжасы мурастагы үлүшүнө ылайык, мурастык массаны түзгөн укуктардын жана милдеттердин бүткүл комплексин мураскорго өткөрүп берүү болуп саналат. Мурасты кабыл алган мураскор мурас калтыруучунун карыздары боюнча ага өткөн мүлктүн чыныгы наркынын чегинде жооп берет. Эгерде мураскорлор бир нече болсо, анда аларда мурастык мүлккө жалпы үлүштүк менчик укугу пайда болот. Бул мүлк ыктыярдуу же сот тартибинде бөлүнүшү мүмкүн.
Мурасты бардык мураскорлор кабыл алганга чейин же мурасты кабыл алуу мөөнөтү аяктаганга чейин, мурас ачылган жер боюнча нотариалдык контора мурастык мүлктү коргоо боюнча чараларды жүзөгө ашырат (тизме жана мүлктү мураскорлорго же башка адамдарга сактоого өткөрүп берүү). Мураскорлордун өтүнүчү боюнча аларга мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк берилет.
3. Мурастан баш тартуу алты айдын ичинде жасалышы мүмкүн:
• мураскор тарабынан мурастын кабыл алынгандыгын күбөлөндүрүүчү иш жүзүндөгү аракеттерди жасабоо;
• нотариалдык кеңсеге мурастан баш тартуу жөнүндө арыз берүү (бул учурда баш тартуу башка адамдын пайдасына жасалышы мүмкүн). Мурастан баш тарткан мураскор кийин мурасты талап кылууга укугу жок.

## 51. Юридикалык жактардын менчик укугу

***1. Юридикалык жактардын менчик укугунун мазмуну***

***2. Юридикалык жактардын менчик укугунун объекттери***

***3. Юридикалык жактардын менчиги-бул жеке менчиктин бир түрү.***

Менчик укугундагы мүлктүн болушу көпчүлүк юридикалык жактардын жарандык жүгүртүүгө катышуусунун зарыл шарты болуп саналат (буга унитардык ишканалар жана мүлккө чарба жүргүзүү же оперативдүү башкаруу укугунда ээ болгон менчик ээси каржылаган мекемелер кирбейт).

Юридикалык жактын мүлкүн түзүүгө катышкандыгына байланыштуу анын уюштуруучулары (катышуучулары), ушул юридикалык жакка карата милдеттенме укугуна же анын мүлкүнө буюм укугуна ээ болушу мүмкүн.
Аларга карата катышуучулары милдеттенме укугуна ээ болгон юридикалык жактарга төмөнкүлөр кирет: чарбалык шериктештиктер жана коомдор.
Алардын мүлкүнө уюштуруучулар менчик укугун же башкача буюм укугун сактап калган юридикалык жактарга чарба жүргүзүү укугунда же оперативдүү башкаруу укугунда мүлккө ээлик кылган уюмдар кирет.(КР ЖКнин 83-беренеси)
Юридикалык жактардын мүлкү менчик укугунун мазмунун, анын пайда болушунун жана токтотулушунун негиздерин жөнгө салуучу мыйзамдын жалпы ченемдерине туура келет. Юридикалык жактын мүлкүн түздөн-түз башкаруу жана тескөө тартиби анын уюштуруу документтери менен аныкталат.
2. Юридикалык жактын менчик укугунун объектиси жүгүртүүдөн алынбаган ар кандай мүлк болушу мүмкүн. Жүгүртүүдөгү чектелген мүлк тиешелүү уруксат болгондо гана юридикалык жакка таандык болушу мүмкүн. Юридикалык жактардын менчигинде болушу мүмкүн болгон объекттерге белгилүү бир таасир алардын айрымдарында атайын укуктук жөндөмдүүлүктүн болушу (Жарандык кодекстин 43-беренеси) болуп саналат. Жалпы эреже боюнча, юридикалык жактын мүлкүнүн саны жана наркы чектелбейт.

**52. Айрым юридикалык жактардын менчик укугу**

***1. Чарбалык шериктештиктердин жана коомдордун менчик укугу***

***2. Кооперативдердин менчик укугу***

***3. Коммерциялык эмес уюмдун менчик укугу***

1. Чарбалык коомдун же шериктештиктин мүлкү анын уюштуруучулары (катышуучулары) түзгөн уставдык капиталдан жана башка негиздер (бүтүмдөр ж.б.) боюнча келип чыккан мүлктөн турат. Шериктештиктин мүлкүн башкарууну жана тескөөнү толук шериктештер, ал эми коомдун мүлкүн башкарууну жана тескөөнү коомдун атайын түзүлгөн органдары жүзөгө ашырат. Коомдорго карата уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү, ошондой эле милдеттүү максаттуу фонддор (мисалы, резервдик фонд) белгиленген. Эгерде финансылык жылдын аягында коомдун таза активдеринин наркы уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнөн аз болуп калса, коом жоюлууга тийиш.
Шериктештиктен же коомдон (акционердик коомдон тышкары) чыкканда катышуучуга коомдун же шериктештиктин мүлкүнүн ага тиешелүү үлүшү

берилет же төлөнөт жана ошого жараша юридикалык жактын мүлкүнүн наркы төмөндөйт. Акционердин акционердик коомдон чыгышы акцияны башка акционерге же үчүнчү жакка ажыратуу жолу менен гана мүмкүн болот. Натыйжада, акционердик коомдун мүлкүнүн наркы төмөндөбөйт.

Чарбалык шериктештикти же коомду жоюу процессинде кредиторлордун талаптары канааттандырылгандан кийин калган мүлк анын катышуучуларынын ортосунда алардын үлүшүнө пропорционалдуу бөлүштүрүлөт. Мыйзамда тиешелүү юридикалык жак жоюлгандан кийин калган мүлктүн ага тиешелүү үлүшүн алууга артыкчылыктуу укугу бар адамдардын чөйрөсү каралат (мисалы, коммандиттик шериктештиктеги аманатчылар).

2. **Кооператив** - граждандардын жана юридикалык жактардын мүчөлүгүнүн, уставда каралган биргелешкен чарбалык жана башка ишти демократиялык башталыштарда уюштуруу аркылуу жана анын мүчөлөрүнүн пайлык мүчөлүк акыларын бириктирүүнүн негизинде, өздөрүнүн материалдык жана башка керектөөлөрүн канааттандыруу максатын көздөгөн ыктыярдуу бирикме.

Кооперативдер юридикалык жактар болуп эсептелет жана коммерциялык же коммерциялык эмес уюмдар формасында түзүлүшү мүмкүн.

Кооперативдердин укуктук абалы, ошондой эле алардын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери "Кооперативдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы тарабынан аныкталат (КР ЖКнин 152-беренеси).

Кооперативдин мүлкүн башкарууну жана тескөөнү кооперативдин атайын түзүлгөн башкаруу органдары жүзөгө ашырат. Кооперативдин менчиги болуп анын мүчөлөрү тарабынан түзүлүүчү үлүштүк фонд, ошондой эле кооператив тарабынан башка негиздер боюнча сатып алынган мүлк эсептелет. Кооперативден чыкканда мүчөгө анын үлүшүнүн наркы төлөнөт же үлүштүн наркына ылайык келген мүлк берилет. Кооператив жоюлгандан кийин калган мүлк анын мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлөт.

3. Коммерциялык эмес уюмдардын менчик укугу.

Коммерциялык эмес уюмдардын менчиги болуп алардын уюштуруучулары (катышуучулары) аларга өткөрүп берген мүлк, ошондой эле башка негиздер боюнча сатып алынган мүлк эсептелет. Аталган уюмдар аларга менчик укугунда таандык болгон мүлктү уюштуруу документтеринде аныкталган алардын ишинин максаттарына ылайык гана пайдаланууга укуктуу.

Көпчүлүк коммерциялык эмес уюмдардын мүлкүнө алардын уюштуруучуларынын (мүчөлөрүнүн) эч кандай укугу жок.

Юридикалык жактардын ассоциациялары жана союздары, ошондой эле жогоруда талкууланган керектөө кооперативдери өзгөчө. Юридикалык жактардын ассоциацияларынын жана корпорацияларынын катышуучулары мындай бирикмелер жоюлгандан кийин калган мүлктүн бир бөлүгүн алууга укуктуу, бирок жалпы эреже боюнча коммерциялык эмес уюм (мисалы, коомдук бирикме же фонд) жоюлгандан кийин калган мүлк ал жетишүү үчүн түзүлгөн максаттарга да сарпталат.

**53. Мамлекеттик жана муниципалдык менчик укугу**

***1. Мамлекеттик менчик түшүнүгү***

***2. Мамлекеттик менчиктин өзгөчөлүктөрү***

***3. Мамлекеттик мүлктү классификациялоо***

***4. Муниципалдык менчик***

***5. Мамлекеттик менчик-бул укукка таандык мүлк***

***6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу.***

1. Мамлекеттик менчик – деп Кыргыз Республикасына менчик укугунун негизинде таандык болгон мүлктөр таанылат.

2. Мамлекеттик менчик укугунун өзгөчөлүктөрү:

мамлекеттик билим берүүнүн өзү менчик укугунун субъекти болуп саналат, ал эми ага менчик укугунда таандык болгон мүлктү башкарууну жана тескөөнү мамлекеттик башкаруу органдары, ошондой эле атайын ыйгарым укуктуу юридикалык жана жеке жактар жүзөгө ашырат;

менчик ээсинин ыйгарым укуктарын мамлекет негизинен укуктук актыларды чыгаруу жолу менен жүзөгө ашырат;

Кыргыз Республикасы Кыргыз Республикасынын өзгөчө менчигине таандык болгон мүлктү (мисалы, ядролук куралды) кошпогондо, кандай гана болбосун мүлккө, анын ичинде жүгүртүүдөн алынган муниципалдык түзүлүштөргө да менчик укугунда ээ боло алат;

